Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
3-октябры

№75 (3731)

www.erkin-too.kg

ИШ ЖУМА



# ШКУ саммитине даярдык

***Президенттин Иш башкаруучусу Каныбек Туманбаевдин төрагалыгы алдында Шанхай кызматташтык уюмунун саммитин, ошондой эле Бүткүл дүйнөлүк Көчмөндөр оюндарынын ачылыш аземин даярдоо жана өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин биринчи жыйыны болуп өттү.***

2026-жылы Бишкек шаарында ШКУ саммитин, ошондой эле Көчмөндөр оюндарынын ачылыш аземин натыйжалуу координациялоону жана ийгиликтүү өткөрүүнү камсыз кылуу максатында Президент Садыр Жапаров жогорку деңгээлдеги иш-чараларды даярдоо жана өткөрүү боюнча жалпы жетекчиликти Президенттин Иш башкаруучусу Каныбек Туманбаевге жүктөдү.

Мындан тышкары, уюштуруу комитетинин курамы бекитилди. Анын мүчөлөрүнө уюштуруу, протоколдук жана башка даярдык чараларын камтыган негизги иш-чаралардын планын даярдоо тапшырылды.




## 50 АВТОУНАА ТАПШЫРЫЛДЫ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев өлкөдө өндүрүлгөн CHEVROLET COBALT үлгүсүндөгү 50 жаңы автоунааны Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин аймактык органдарына тапшырды.***

Адылбек Касымалиев экономикалык маалыматтарды чогултуу, текшерүү жана коомчулукка жеткирүү үчүн жоопту орган катары Улуттук статистика комитетинин маанилүү ролун өзгөчө белгиледи. Өз сөзүндө ал Президент Садыр Жапаровдун 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндөгү Жарлыгын эске салып, бул стратегиянын алкагында статистикага келечектүү өндүрүштөргө жана тармактарга тынымсыз мониторинг жүргүзүү, ошондой эле зарыл болгон учурда ыкчам колдоо көрсөтүү милдеттери коюлганын билдирди.

# «УЛУТТУК ДЕМ – ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК»

***Мамлекеттик кызматкерлер жана жарандык коомдун өкүлдөрү үчүн «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолуна арналган окуу курсу аяктады. Окуу курсунун жыйынтыгы боюнча Мамлекеттик катчы Марат Иманкулов «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолуна арналган курсту аяктаган 46 мамлекеттик кызматкерге сертификаттарды тапшырды.***

Курсту тарых илимдеринин доктору, профессор Сулайман Кайыпов, Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти, академик Чолпонкул Арабаев, география илимдеринин доктору, профессор Темирбек Чодураев, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев, «Мурас» фондунун төрагасы, профессор Кыяс Молдокасымов, Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Топчугүл Шайдуллаева, тарых илимдеринин кандидаты, мамлекеттик жана коомдук ишмер Нурханбек Момуналиев, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Канат Жанузаков, Дин иштери боюнча изилдөө борборунун директору Шүкүр Шерматов, Юстиция министринин орун басары Орозбек Сыдыковдор өткөрүштү.



**"Эркин-Тоо" пресс**

# "Эркин-Тоо" гезити аталышын өзгөртүү жөнүндө билдирет



**“Эркин-Тоо”** мамлекеттик расмий гезити 2025-жылдын 26-июнундагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев кол койгон **№335 токтомуна ылайык, кайра каттоодон өтүп,** фирмалык аталышын өзгөртүп, мөөрүн жаңыртты:

- Мурунку аталышы: **“Эркин-Тоо” гезитинин редакциясы**
- Жаңы аталышы: **«Кыргыз Республикасынын «Эркин-Тоо» мамлекеттик расмий гезити» мекемеси**

Бардык кат алышууларда, келишимдерде жана башка документтерде биздин уюмдун жаңы аталышын колдонууну суранабыз. Жаңы мөөрдө уюмдун азыркы аталышы – «Эркин-Тоо» мамлекеттик расмий гезити» мекемеси” чагылдырылганына дагы көңүлүңүздөрдү бурабыз.

Толук маалыматты Юстиция министрлигинин https://minjust.gov.kg/ сайтынан алсаңыздар болот.

# КАДРДЫК ДАЙЫНДОО



Президент Садыр Жапаров кол койгон тескемеге ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктуна, 71-беренесине ылайык Молдажиев Казыбек Илияскарович мурда ээлеген кызмат ордунан бошотулуп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин директору болуп дайындалды.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АЖОНУН КАЙРЫЛУУСУ

# ТАЗА ШАЙЛООГО ШАРТ ТҮЗҮЛДҮ, ЭМИ ДОБУШУБУЗДУ САТПАЙЛЫ!

***Жогорку Кеңештин депутаттары 25-сентябрда парламентти кезексиз таркатуу тууралуу демилгечи топтун сунушун колдоп, 84 депутат макул болгон. Жогорку Кеңеш өзүн-өзү таратуу чечимин кабыл алгандан кийин Президент Садыр Жапаров мыйзамдын алкагында шайлоо күнүн 30-ноябрга белгиледи. Ошентип, 30-ноябрда мамлекеттин тагдырын аныктоочу чоң шайлоо болгону турат. Буга байланыштуу Мамлекет башчысы Жарлыкка кол койгон күнү жалпы элге кайрылуу жасады.***



Өлкө жетекчиси сөзүнүн башында парламентти кезексиз таркатуу боюнча демилге көтөрүп, андан кийин ошол маселени колдоп берген депутаттардын баарына терең ыраазычылыгын билдирди. Чынын айтыш керек, эл өкүлдөрү тарабынан эрктүү кадам болду. Алдыда калган бир жылдык депутаттык доорду эмес, арканды алыс таштап, мамлекеттин узак мөөнөттүү туруктуулугун ойлоп, чен-өлчөмсүз иш жасашты. Мандатка тырмышып, “бөйрөктөн шыйрак чыгарып”, шайтан оюндарды уюштурушканда, кийинки жылдагы тогошуп келген шайлоолор өлкөнү опурталдуу кырдаалдарга кептемек. Баарыбыз билгендей шайлоолор бирибирине кыска аралыкта учкашып өткөнү БШК үчүн гана кыйынчылык жаратпастан, саясий стабилдүүлүккө чоң залакасын тийгизет. Ошого катар келерки жылы күздө Шанхай кызматташтык уюмунун саммити жана көчмөндөр оюну өтөнү турат, бул дагы шайлоолорго тоскоолду жаратат. Депутаттар мына ушул жагдай-шарттарды сезип, мамлекеттин стабилдүүлүгү үчүн бир жылдык мөөнөтүн кыскарта чабышты, ал иши алкоого татырлык экенин белгилеп койгонубуз оң.

Баса, кээ бир саясатчылар, оппозициячыл күчтөр жана сыртта жүргөн шүдүңгүттөр бир жылдан кийинки президенттик шайлоого кам көрүлүп жатат деген сөздөрдү да чыгара коюп жатышат. Буга дагы Президент өз жообун берип, бир дагы депутаттан тарагыла деп суранбаганын, эгер кийинки шайлоого талапкерлигин койсо, 90% менен өтөрүнө ишенерин баса белгиледи. Бул ишенимдин чындыгын эч ким жокко чыгара албайт. Учурда Садыр Жапаровду жалпы жумурай журт жапа тырмак колдоп турган кези. 5 жыл мурун 80% элдин колдоосу болсо, азыр андан далай көбөйдү. Айтор, Жогорку Кеңештин мөөнөтүнөн мурда тарашын президенттик жарышка байлоонун өзү эч бир акылга сыйбайт. Бул жерде өлкөнүн стабилдүүлүгү гана турган, депутаттар аны бекемдеп, узак мөөнөттүү саясий стабилдүүлүктү орнотууга салымын кошту. Мындан ары эки шайлоонун ортосу бир жарым жыл аралык менен өтүп турат. Муну менен башкаруу системасы иретелип, түз жолго салынып, саясий кризистер жоюлду.

Өлкө жетекчиси өз кайрылуусунда буга чейинки шайлоолордогу адилетсиздикке токтолуп, анын жыйынтыгындагы тополондор боюнча да айтып, азыркы санарип системасында добушту уурдап алуу же бурмалоо деген нерсе такыр болбостугун белгиледи. Ооба, көз карандысыздыкты алгандан кийин 30 жыл ичинде үч ирет төңкөрүш болду. Үчөө тең шайлоолордон келип чыкканын тана албайбыз. Ошол маалда мамлекетибиз чачырап кетүү коркунучуна келип такалган. Анын бирден-бир себеби, шайлоолор адилет өтчү эмес. Үгүт маалында добуштарды сатып алып, шайлоо күнү “карусель” дегенди уюштуруп, таңгагы менен бюллетендерди таштатып, түн ичинде участкалык комиссиянын жетекчилери бийлик тарабынан тандалган талапкердин добушун көбөйтүп, айтор жогор жактагылар өздөрү каалагандай калчап келген.

Азыр эски шайлоо системасы жок кылынды. Илгеркидей бюллетендерди чыгарып алып, шайлоо участокторуна алдын ала Камаз менен ташып барып, аларды күнү-түнү кайтарып жаткан мезгил өтүп кетти. Баары санариптешти. Азыр бүт баары түп-тамырынан өзгөрөн. Шайлоо участогуна барып, каттоодон өтөөрүңүз менен ошол жерден бюллетенди компьютер чыгарып берет. Каалаган талапкериңизди шайлап, бюллетенди автоматтык жашикке саласыз. Автоматтык жашик добушуңузду кайсы талапкерге бергениңизди дароо эсепке алып коёт дагы шайлоо убактысынын бүтүшүн күтөт. Шайлоо убактысы аяктап, кечки саат 20.00дө жашиктин кнопкасын басканда кайсы талапкер канча добуш алганын дароо эсептеп чыгарып берет. Андан кийин талапкерлердин байкоочулары жашиктеги бюллетендерди төгүп алып, кол менен дагы санап чыгышат.

Адилетсиз бийликке каршы чыгып жүрүп жетишкен ийгиликтерибиздин бири ушул шайлоо системасында деп айта кетсек болот. Бир дагы талапкер же кандайдыр бир күчтөр шайлоонун жыйынтыгына доомат коё албайт. Себеби, биздеги шайлоо системасы толук электрондошуп, автоматташты. Мындай шайлоо системасы КМШ өлкөлөрүнүн ичинде бизде гана бар. Шайлоонун шайтан оюндарынан ушунчалык тажаган элек, мына эми адам факторун аралашпагандай кылып санариптештирип, автоматташтырып алдык. Мындан ары шайлоолордо добуш саноодо жана жыйынтык чыгарууда бийликтин эч кандай таасири болбойт. Добуштарды компьютер санайт, жыйынтыгын дароо компьютер чыгарып берет.

Эми маселе өзүбүздө калды. Аскар Акаев шайлоолордогу коррупцияга жол ачып, добуш сатмайларга чыйыр салган эле, ал илдеттен азыркыга чейин кутула албай жатабыз. Акыркы жылдарда буга катуу чара көрүлүп, добуш сатып алууга белсенген адамдар кармалып, камалды. Бирок, тамыры кыркылган жок. Эртеңки шайлоодо деле добушту сатып алууга аракет кылгандар чыкпай койбойт. Биз мындай коомдун өнүгүүсүнө жолтоо болгон жат көрүнүшкө каршы турушубуз керек. Президентибиз да кайрылуусунда муну баса белгиледи.

“Биз, бийлик тарап, таза шайлоо өткөргөнгө толук шарттарды түзүп бердик. Эми сиздер таза шайлап үйрөнүңүздөр. Добушуңуздарды сатпаңыздар. “Добуш сатып алам” деп келген талапкерлерди эл арасына алып чыгып, катуу уяткарыңыздар. Экинчи “добуш сатып алам” деп келбегидей кылыңыздар. “Жол, мектеп, бала бакча салып берем” же “асмандагы айды алып берем” дегендерге таптакыр ишенбеңиздер. Депутат деген эч нерсе куруп бербейт, депутат деген мыйзам жазат, анын аткарылышын көзөмөлдөйт, эл менен бийликтин ортосуна көпүрө болуп, округунда кандай көйгөйлөр болсо жеткирип келип, анын чечилишине кам көрөт. Добушуңарды сатып алган депутат эзели силер үчүн же мамлекет үчүн иштебейт. Шайлоого короткон акчасын толуктайм деп беш жыл бою өзү үчүн иштейт. Добушуңарды сатсаңыздар, 5 жыл бою ал депутатты округдан көрбөйсүздөр.

Талапкерлердин дагы бир түрү болот. Алар тили менен буудай кууруйт, бирок колунан эч нерсе келбейт. Андай депутаттарды да көрдүңөр, көрүп эле жүрөсүңөр. Алардан да сак болгула. Кыскасы, бул шайлоодо дагы “баягыларды” шайлап алып, 5 жыл бою “депутаттар – акмактар” деп наалыбагыла. Наалысаңар өзүңөргө наалыган болосуңар. Кимдерди шайласаңар да, алар силердин өзүңүздөрдүн 5 жылдык депутатыңар болот. Мындан ары мурдагыдай партиялык тизмеге кире калып, миллион доллар бере салып, эч ким таанылбаган эле бирөө депутат болуп келген баш аламан система жок. Мындан ары депутаттарды түздөн-түз өзүңүздөрдүн араңыздардан шайлап аласыздар. Биз, бийлик “талапкерди эл өзү тандап алсын” деп толук шарт түзүп бердик. Эми өзүңөр жаңылбай тандап алып, анан шайлаңыздар. Бул жолу чыныгы элдик өкүлдөрдү, өзүңөрдүн өкүлүңөрдү шайлайсыздар” деди Садыр Жапаров.

Мамлекет башчысы айыл өкмөттөн баштап Министрлер Кабинетинин Төрагасына чейинки ар бир мамлекеттик кызматкерге, мугалимдерге, дарыгерлерге да кайрылып, шайлоого аралашпагыла деп катуу эскертти. Кимде ким аралашкан болсо, “кызматтан кетип эле тим калбайт, катуу жазасын алат” деди. Ооба, талапкерлердин эл менен болгон чогулушуна барып катышууга тыюу салынбайт.


Чогулуштарга барып, талапкерлердин программасын угуп, анан жүрөккө жаккан талапкерге добушуңуздарды бере берсеңиздер болот. Бирок, үгүт иштерине катышпашы керек. “Баланча талапкерди өткөрөм, түкүнчө талапкерди жыгам” деп чуркагандар болсо, тилеги таш кабат. Анткени, шайлоону калыс катары башынан аягына чейин Президент өзү көзөмөлдөйт. Эгер кайсы бир округда адилетсиз иштер жаралган болсо, БШКнын териштирүүлөрүнө жеке өзү барып катышып же комиссия түзүп, ишенимдүү кишилерин жибере тургандыгын белгиледи. Бул шайлоо тарыхыбызда болуп көрбөгөндөй таза өтүшү керектигин билдирди. Кыскасы, Президентибиз аракет кылып жаткан соң биз дагы колдоп, ошого умтулалы. Таза шайлоодо татыктууларды алып келип, мамлекетибиздин өнүгүшүнө ар бирибиз салым кошолу.

**Зулпукаар САПАНОВ**



**Коомдук ишмер**
**Алмазбек АКМАТАЛИЕВ:**

- Президент абдан мазмундуу кайрылуу жасады. Сөзүнүн арасында жеке өзү арбитр болуп бергенге даяр экенин, шайлоо өнөктүгүндө мыйзам бузуулар болсо өзү көзөмөлдөй турганын билдирди. Ошондой эле мамлекеттик кызматкерлерди шайлоого аралашпоого үндөдү. Биздин тарыхта аткаминерлердин кийлигишүүсүнүн натыйжасында шайлоолордогу адилетсиздиктин айынан үч революция болгон. Эми мындайга жол берилбеши керек. Албетте, жылдан-жылга жакшы жагына өзгөрүп баратабыз. Шайлоо системасы санариптешип, коррупция жана сатып алуу дегендерге бөгөт коюлду. Экинчиден, элдин дагы аң-сезими өсүп жатат, көп нерсеге түшүндү. Маселен, талапкерлер мектеп, бала бакча салып берем десе ишенбейт. Президенттин тапшырмасынын негизинде өкмөт сала тургандыгын билип калды. Эми тандоону жакшы жасашыбыз керек. Ооба, парламент тарапанда “бул депутаттар иштеген жок” деп наалыйбыз, анан шайлоодо кайра эле ошолорду шайлайбыз. Демек, маселе бизде. Жоопкерчилик шайлоочуларда. Менин добушумдан эмне өзгөрмөк эле дегендер бар. Ошолордун добушу чогулуп келип билими жок, жеке өзүнүн көйгөйү менен шугулданган депутаттардын шайланышына жол берүүдө. Андай кемчиликке жол бербешибиз керек. Президент өзү кайрылып, аткаруу бийлигине талаптарды коюп, жалпы журтка өтүнүчтөрдү айтып, таза шайлоо өткөрүүгө кызыкдар экенин көрсөттү. Биз да ошого карай түздөлүшүбүз зарыл.



**Жогорку Кеңештин экс-депутаты**
**Кубанычбек КАДЫРОВ:**

- Президентибиз Садыр Жапаров кайрылуу жасап, 30-ноябрдагы шайлоого жеке өзү арбитр болорун жана таза шайлоо өтүшүн камсыз кыларын белгиледи. Ошого катар мамлекетибизде саясий туруктуулук орноогонун айтып, татыктууларды шайлоо менен өнүгүүгө карай кадам шилтейли деди. Муну колдошубуз керек. Менимче, алдыдагы шайлоо таза өтөт жана парламентке чыныгы элдик депутаттар келет. Президент баса белгилегендей, шайлоого бардык шайлоочулар активдүү катышып, добуштарын өздөрү тандаган татыктуу талапкерлерге бериши кажет. Алдыдагы шайлоо, Кыргызстанды өнүгүү жолунда дагы бир тепкичке жогорулата турган шайлоо экенин унутпайлы.

ӨНҮГҮҮГӨ КАРАЙ

## Президенттин кеңешчиси, Эл жазуучусу Чолпонбек АБЫКЕЕВ:

# “ЖАҢЫ КЫРГЫЗСТАНДЫ КУРУУ – БУЛ МАТЕРИАЛДЫК ГАНА ЭМЕС, РУХАНИЙ ЖАҢЫЛАНУУ”

**- Чолпонбек агай, акыркы жылдары Президент Садыр Нургожоевич Жаңы Кыргызстанды куруу тууралуу көп айтып, ал тургай атайын китеп да чыгарды. Бирок коомчулук бул түшүнүктү терең аңдап кабыл алып бүтө элек сыяктанат. Сиздин оюңузча, “Жаңы Кыргызстан” дегенибиз эмнени түшүндүрөт?**



- Чынында бул маселе коомчулукта жетиштүү талкуулана элек. “Жаңы Кыргызстанды куруу” деген ойдун өзөк мааниси эмнени түшүндүрөт? Эгер чын эле келечекте Жаңы Кыргызстан курулса, кандай өлкө болот? Келечектеги Жаңы Кыргызстанды кимибиз кандай элестете алабыз? Деги эле Жаңы Кыргызстанды куруунун зарылчылыгы барбы? Балким “жаңысы” жок эле “эски Кыргызстан” менен деле жашай берсек кантет?” деген сыяктуу толгон суроолорду ар бирибиз өзүбүзгө берип, жооп издеп көрө элекпиз. Демейде кычаштык издеп, ар бир сөзгө асылмайы бар маалымат каражаттарынын өкүлдөрү да эмнегедир бул темадан кыйгап өтүп кетишүүдө. Жаңылануу, өзгөрүү – бул оор жана татаал процесс. Мамлекеттин, бүтүн бир коомдун түгүл бир адамдын жашоо образынын өзгөрүшү, жаңы жолго түшүшү, жаңыча ойлоп, жаңыча жашашы канчалаган түмөн түйшүктү, тырышкан эмгекти, чыдамкай эркти талап кылат. Бүтүндөй жашоо образды өзгөрткөндү кой, өзүңө-өзүң “Күн сайын эртең менен саат 6да турам да жеңил машыгуу жасайм” деп убада берип бирок аны аткарууга келгенде моюнуң жар бербей “күндө эртеңкиге” жылдыра бермейиң болот. Ал эми Президенттин “Жаңы Кыргызстанды куруп жатабыз” дегени – бул чоң жоопкерчиликти алып, тобокелге барган чечкиндүүлүк.

**- Азыркы абалды кандай баалайт элеңиз? Чындыгында эле жаңы Кыргызстанды куруу процесси күрдөөлдүү жүрүп жатабы?**

- Бүгүн Кыргызстанда жолдор, мектептер, ооруканалар, ишканалар, ГЭСтер – ири жана чакан долбоорлор бирдей жүрүп жатат. Бирок маселе бир эле материалдык курулушта эмес. Эң негизги кыйынчылык – коомдун аң-сезимин, руханий дүйнөсүн жаңылоо. Эми иштин жүрүшүнө саресеп салалы. Бүгүн бүткүл Кыргызстандын аймагы курулуш талаасына айланды. Жаңы курулуштар жүрбөгөн бир да район жок. Кыскасы “Кыргызстан” деген үйдүн ичи азан-казан түштү да калды. Демек Президент жөн айтпаптыр. “Жаңы Кыргызстанды” куруу процесси башталганы чын экен. Болуптур, Президент түн уйкудан калып, жан алакетке түшүп иштеп, Жаңы Кыргызстанды куруп баштаптыр. Күркүрөгөн күрдөөлдүү агым башталыптыр. Ушул жүрүштө сиз экөөбүздүн ордубуз кайсыл жерде? Бул суроого ар бирибиз жоопту ойлоно алабызбы? Же “Президент кура берсин, мен четтен карап турайын. Эмне кылаар экен, көрөйүн” деген кайдыгерлик желкебизде минип турабы? Анда Кыргызстан деген мамлекет кимдики? Президент Жаңы Кыргызстанды кимдер үчүн куруп жатат? Анткени Жаңы Кыргызстанды куруунун оор айкашы экономикалык өсүш менен ар бир адамдын, андан өсүп коомдун аң-сезиминин жаңылануусу өткөн жериндеги тирештен кездешет. Экономиканын оңолушу бат экен. Бишкектеги Ч. Айтматов атындагы көчөдөй жаркыратып, көргөндүн көз кумарын кандырып, алдыңкы өнүккөн чет өлкөлөрдүкүнөн да мыкты кылып куруп коюшка аз убакыт кетет экен. Бирок бир адамдын аң-сезимин, жан дүйнөсүн, пейилин, руханий түшүнүгүн, илимий көз карашын, билимин ондошко канча убакыт кетээр экен? Бүтүндөй коомду тарбиялашка, жаңыртууга канча убакыт кетээр экен?

Анткени жаңылануу эки бөлүктөн турат. Биринчиси, материалдык жаңылануу, экинчиси, аң-сезимде, пейилде, руханий жан дүйнөдө, билимде жаңылануу. Эгер эле экөөнүн бири туура эмес же начар жүрүп калса анда жаңылануу болбойт. Жаңылануунун “курулушу” толук түрдө акыл-жыйынтыктагы максатына жетпей калат.

**- Дегеле жаңылануунун эң оор жагы эмнеде деп ойлойсуз?**

- Жаңылануга өтүүнүн бурулушунда эки оорчулук бар. Биринчиси; бүгүн башыбыздан кечирип жаткан, көзгө көрүнүп, бутка чалынып, ар бирибизге физикалык таасир берген курулуштардын таасири. Оңдолуп жаткан жолдордон, имараттардан жүдөп жатабыз. Мындай оңдоолордон жолдордогу тыгындар да көбөйдү. Көпчүлүк административдик жайлар, ооруканалар, мектептер, маданий жайлар 40-50 жылдап каралбай калгандыктан оңдолушу, жаңыланышы оңой болбой жатат. Мыйзам “Буйлаланган төө болуп”, ким каалаганын кылган, колунан келгендер оюна келген жерге курулуш курган замандагы курулуштардын бузулушу – “снос” оорусу да көйгөй жаратууда. Мыйзам бузуу менен менчиктештирилген нечендеген мүлктөр, имараттар, жерлердин кайра мамлекетке кайтарылышы далайлардын ичинен кан өткөзүүдө. Анткени мыйзам диктатурасынын талабында жашоого үйрөткөн реформа ушундай жүрөт. Экинчи оорчулук; аң-сезимдеги, руханий жан дүйнөдөгү, ар бир адамдын көнгөн адат-мүнөздүгү, эс-тутумундагы, илим-билиминдеги, андан өсүп коомдук мамиленин формасын көрсөткөн абалдагы бурулуш. Эң татаал оорчулук ушул экинчисинде. Отуз жылдан ашык убакыт ээнбаш, ээноз, “оюма келгенди сүйлесем, ыгын тапсам эмне иш болсо деле жасай берсем болот, мыйзам бул акча, тааныштык, кызмат таасири дегенге баш ийет” деп көнгөн, ал түгүл илим-билимден да артка кетип, окубай, билим албай диплом сатып алып кызматка орношуп, Жогорку Кеңешке чейин депутат болгон, ушундай мыйзамсыздыкка тарбияланып калган дээрлик бир мууңду өзгөртүү жолу жеңил эмес. Жөнөкөй мисал келтирейин. Президент Садыр Нургожоевич Бишкектин айланасындагы деги эле жалпы Кыргызстан боюнча жер басып алгандарга кайрылып; “2021-жылга чейин жер басып алып, үй куруп жашап калгандарга мунапыс кылалы да, мамлекеттик кызыл сызыкта жокторунун баарына документ берели. Эми мындан ары жер басып алмай токтосун. Ким мыйзамсыз үй курса түрттүрүп салабыз. Мыйзам менен жашоого өтөлү” деген. Бүгүн эмне болууда. “Демек үй куруп алсаң акыры мыйзамдаштырып берет тура” деген ой менен, 2022-23-24-жылдары деле документсиз жерлерди билип туруп сатып алып, үй салышып, эми догун артып “Үйүбүздү бузуп жатат. Биз көчөдө калабызбы” дешип ыйлап жүрүшөт. Буга эмне деп айтасың. Бир гана сөз, мыйзамга баш ийбей деле жашаса болот деген көнүмүш адаттан чыга албай келе жаткандыктын ачык мисалы дейсиң.

**- Демек, Жаңы Кыргызстанды куруу узак процесс экен да?**

- Ооба, бул узак жана оор жол. Экономиканы көтөрүү салыштырмалуу жеңил. Бирок руханий, адеп-ахлактык жана илимий деңгээлди көтөрүү убакытты да, күчтү да көп талап кылат. Болбосо байлыкка жеткен, бирок руханий жактан жакыр өлкөлөрдүн мисалы дүйнөдө толтура.

**- Сиз Президенттин айрым кадамдарын коомчулук түшүнө элек деп айттыңыз. Мисал келтирсеңиз?**

- Президенттин эң биринчи жарлыгы “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жөнүндө” болду. Бул бекеринен эмес. Демек, ал иштин эң ириде адамдын аң-сезиминен баштоо зарыл экенин көрсөткөн. Ошондой эле “Үнгү жол” концепциясы, башка жарлыктар – баары руханий пайдубалды чыңдоого багытталган.

**- Жаңы Кыргызстандын пайдубалын кандай элестетсек болот?**

- Жаңы Кыргызстан – бул сулуу имараттар, асфальтталган жолдор эле эмес. Бул – илимдүү, билимдүү, руханий дүйнөсү таза, пейили кенен жарандары бар мамлекет. Президент белгилеген үч артыкчылык бар: адамдын ден соолугу, билим алуусу жана укугу. Мына ушул үчөөнү тең салмактуу өнүктүрүү – жаңы коомду түзөт.

**- Акырында, сиз коомчулукка кандай кайрылуу жасагыңыз келет?**

- Президент жалгыз кура албайт. Жаңы Кыргызстанды ар бирибиздин иш-аракетибиз, аң-сезимибиз менен бирге кура алабыз. “Президент кура берсин, мен четтен карап турам” деген кайдыгерликтен арылышыбыз зарыл. Бул өлкө – биздин өлкө.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**


ЖАҢЫЛЫКТАР

## УЛГАЙГАН ЖАРАНДАРДЫН САНЫ ӨСКӨН

Кыргызстанда эмгекке жарамдуу куракта улуу адамдардын саны жылдан-жылга өсүүдө. Тагыраагы, акыркы беш жылда өлкөдө улгайган жарандардын саны 140 миңден ашууга же 25%га көбөйгөн.

Улуттук статистикалык комитет 2025-жылдын башында Кыргызстанда 702 миң эмгекке жарамдуу курактан улуу адам болгонун, бул жалпы калктын 10%ын түзөрүн кабарлады. Алардын ичинен 63 жаштан ашкан эркектер 230 миң (эркек 6%), ал эми 58 жаш куракта ашкан аялдар 472 миңди (аял 13%) түзгөн.






## МИНИСТР ТАЛАСТАГЫ КУРУЛУШТАРДАН КАБАР АЛДЫ

Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министри Нурдан Орунтаев Талас облусундагы бир катар курулуш объектилеринен кабар алды.

Талас районундагы Таш-Арык айылында жайгашкан Кыргыз улуттук "Манас Ордо" улуттук комплексиндеги реконструкция иштеринин жүрүшү менен таанышты. Комплексте реконструкция иштери 2024-жылы республикалык бюджеттин эсебинен башталган. Долбоорго ылайык, заманбап конгресс-холл, 1000 чарчы метрди түзгөн беш конок үйү жана эки кабаттуу административдик имарат курулат. Аны менен катар бул райондогу Чат-Базар айылындагы жаңы курулуп жаткан 50 орундуу бала бакчанын курулушу менен таанышты. Эске салсак, учурда иштеп жаткан бала бакчанын эскилиги жетип, анын ордуна жаңысын курууга муктаждык бар болчу.

## ЖАҢЫ ООРУКАНА КОЛДОНУУГА БЕРИЛЕТ

Жакынкы күндөрү Нарын облусунун Ак-Талаа районуна караштуу Кош-Дөбө айылындагы наркы 65 миллион сомду түзгөн 20 койкалуу оорукана пайдаланууга берилет. Объект республикалык бюджеттин эсебинен каржыланып, курулуш иштери 2024-жылы башталган. Эки кабаттуу имарат заманбап талаптарга жооп берген жабдуулар менен камсыздалган.



**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АБА КОДЕКСИНЕ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК КОДЕКСИНЕ, САЛЫКТЫК ЭМЕС КИРЕШЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОДЕКСИНЕ) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 18-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Аба кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., №8, 1060-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-беренеде:

а) 1-бөлүк «Авиациялык эрежелеринен» деген сөздөрдөн кийин «, Аба мейкиндигин пайдалануу эрежелеринен» деген сөздөр менен толукталсын;

б) 2-бөлүктө «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) төмөнкүдөй мазмундагы 3-бөлүк менен толукталсын:

«3. Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин пайдалануу эрежелери болуп мамлекеттин улуттук, экономикалык коопсуздугу, эгемендигин коргоо, коргонуу, калктын коопсуздугу, конституциялык түзүлүштү, коомдук тартипти коргоо жана кылмыштуулук менен күрөшүү кызыкчылыгында Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин пайдалануу тартибин аныктоочу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актылары саналат.»;

2) 4-берененин 1 жана 2-бөлүктөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Ушул Кодекстин жоболору жарандык авиациянын ишинин бардык түрлөрүн, ыйгарым укуктуу органдын иш-милдеттерин жана милдеттерин, аба кемесин эксплуатациялоонун, аба мейкиндигин пайдалануунун, Кыргыз Республикасынын аэронавигациялык тейлөөсүн камсыздоонун жол-жоболорун жөнгө салат жана Кыргыз Республикасынын аймагында жарандык авиация жаатындагы ишти жүзөгө ашыруучу бардык жеке жана юридикалык жактарга карата колдонулат.

2. Эгерде Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, ушул Кодекстин жоболору Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык жарандык аба кемелерине, ошондой эле алар кайсы жерде болбосун, Кыргыз Республикасында катталган бардык жарандык аба кемелерине карата колдонулат.»;

3) 5-беренеде:

а) 2-бөлүктө «жана коомдук тартипти коргоо» деген сөздөр «, коомдук тартипти коргоо жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүк «жалпы багыттагы авиация» деген сөздөрдөн кийин «(коммерциялык эмес)» деген сөздөр менен толукталсын;

4) 6-беренеде:

а) 10-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«10) учкучсуз учуучу аппарат (УУА) – учууну бортунда учкучсуз (экипажсыз) аткарган, оператор тарабынан аралыктан же берилген программа боюнча автоматтык түрдө же болбосо көрсөтүлгөн ыкмаларды айкалыштырып башкарылуучу учуучу аппарат;»;

б) 16-пунктта «жана коомдук тартипти коргоо» деген сөздөр «, коомдук тартипти коргоо жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 35-пунктта «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

г) 36-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

5) 7-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«7-берене. Кыргыз Республикасынын жарандык авиация жаатындагы мамлекеттик орган

1. Ушул Кодекске ылайык Кыргыз Республикасынын жарандык авиация жаатындагы мамлекеттик орган болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан ыйгарым укук берилген, учуулардын коопсуздугун жана авиациялык коопсуздукту камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын жарандык авиация жаатында мамлекеттик саясатты, жөнгө салууну жана көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу мамлекеттик орган (мындан ары – жарандык авиация органы) саналат.

2. Жарандык авиация органы өз ишин ушул Кодекске, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү жарандык авиация органы жөнүндө жобого, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырат.

3. Жарандык авиация органы ушул Кодекстин, башка мыйзамдардын, жарандык авиация чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген, аба транспорту жаатындагы эл аралык келишимдердин аткарылышына жооп берүүчү адистештирилген административдик орган болуп саналат.

4. Ушул Кодекстин жана башка тиешелүү мыйзамдардын же жарандык авиация жаатындагы эл аралык келишимдердин алкагында жарандык авиация органы жарандык авиация ишине тиешеси бар башка уюмдарга, жеке жана юридикалык жактарга карата административдик чечимдерди кабыл алууга жана эрежелерди, колдонмолорду, нускамаларды, стандарттарды, буйруктарды жана тескемелерди колдонууга укуктуу.»;

6) 8 жана 9-беренелер күчүн жоготту деп таанылсын;

7) 10–12-беренелер төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«10-берене. Жарандык авиация органынын ыйгарым укуктары

1. Жарандык авиация органынын иш-милдеттери жана милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген, аба транспорту жаатындагы эл аралык келишимдердин алкагында жарандык авиация жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

2) жарандык авиация жаатында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө, аба кемелеринин учууларынын коопсуздугун жана авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын аба мыйзамдарынын талаптарын сактоо;

3) Учуулардын коопсуздугу боюнча өкмөттүк программаны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

4) жарандык авиация жаатындагы мамлекеттик стратегиялык документтерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

5) Кыргыз Республикасын жарандык авиация жаатындагы эл аралык уюмдарда көрсөтүү, жарандык авиация ишинин маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, макулдашууларга, меморандумдарга кол коюу;

6) аба мейкиндигин пайдалануу жол-жоболорун жөнгө салуу, уруксаттарды берүү, тыюу салууларды жана чектөөлөрдү киргизүү;

7) тиешелүү мамлекеттик органдар менен биргеликте жарандык жана мамлекеттик аба ташууларын координациялоо;

8) жарандык авиацияны мыйзамсыз кийлигишүү актыларынан коргоо боюнча чараларды иштеп чыгуу;

9) Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерин жана жарандык авиация жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларын Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенциянын 37-беренесине ылайык кабыл алынуучу Эл аралык жарандык авиация уюмунун стандарттары жана сунушталуучу тажрыйбалары менен максималдуу бир түрдүүлүктү камсыз кылгандай түрдө иштеп чыгуу. Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринин жана жарандык авиация жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларынын Эл аралык жарандык авиация уюмунун стандарттары жана сунушталган тажрыйбалары менен бир түрдүү болушун камсыз кылуу мүмкүн болбогон учурда, жарандык авиация органы Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенциянын 38-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жарандык авиация жаатындагы эл аралык стандарттарда белгиленген ченемдердин ортосундагы айырмачылыктар тууралуу Эл аралык жарандык авиация уюмуна кабарлайт;

10) жарандык авиациянын бардык эксплуатанттарынын, уюмдарынын жана ишканаларынын ишине алардын ушул Кодекске, ага ылайык чыгарылган стандарттарга жана эрежелерге ылайык келишине, ошондой эле алардын башка мамлекеттер менен макулдашууларга ылайык келишине туруктуу көзөмөл жүргүзүү;

11) Кыргыз Республикасынын аймагында учууларды жүргүзгөн башка мамлекеттин аба кемесин жана экипаж мүчөлөрүн инспекциялоо;

12) Кыргыз Республикасынын жарандык аба кемелеринин реестрин жүргүзүү;

13) Кыргыз Республикасынын жарандык аэродромдорунун жана вертодромдорунун реестрин жүргүзүү;

14) тастыктамаларды, уруксаттарды, күбөлүктөрдү, квалификациялык белгилерди берүү, таануу, узартуу, өзгөртүүлөрдү киргизүү, колдонулушун токтотуп туруу, жокко чыгаруу, ошондой эле тийиштүү арыздарды кароо жана корутундуларды берүү;

15) Кыргыз Республикасынын жарандык авиация персоналын даярдоо боюнча окуу программаларын макулдашуу;

16) коммерциялык ташуулардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бардык түрлөрүнө уруксаттарды берүү жана учуулардын коопсуздугун жана авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн зарыл болгон мындай ташууларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашырууга карата талаптардын туюндурулушу;

17) ушул Кодекстин 145-беренесинде каралган учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигин пайдаланууга уруксаттарды берүү;

18) сунушталган аба ташууларын жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон эксплуатанттын техникалык, финансылык жана башка мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;

19) жарандык авиация органы тарабынан белгиленген жол-жоболорго ылайык, эгерде алар учуулардын коопсуздугуна жана авиациялык коопсуздукка коркунуч келтирсе, учууларды аткаруунун жана жарандык авиация ишинин ар кандай түрлөрүнө тыюу салуу, жокко чыгаруу, убактылуу токтотуу же өзгөртүү;

20) Кыргыз Республикасынын аэронавигациялык маалымат жыйнагын басып чыгаруу жана Кыргыз Республикасынын аба трассаларынын жана аба жолдорунун тизмегин бекитүү;

21) аба транспортунун зыяндуу таасиринен айлана-чөйрөнү сактоо жана коргоо жаатында мамлекеттик органдарга көмөк көрсөтүү;

22) Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясын өнүктүрүү жаатына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

23) Кыргыз Республикасынын аба транспортунда коопсуздукту камсыз кылуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу жана киргизүү;

24) Учуулардын коопсуздугу боюнча өкмөттүк программанын жана Кыргыз Республикасынын жарандык авиация жаатындагы ченемдик укуктук актыларынын жоболорунун сакталышына көзөмөл жүргүзүү;

25) Кыргыз Республикасына (Кыргыз Республикасынан) үзгүлтүксүз жүргүнчүлөр каттамдарын аткарууну пландаган чет өлкөлүк ташуучуларды жана авиа ишканаларын аккредитациялоо;

26) авиациялык коопсуздук жаатында Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенциянын 17-тиркемесинин жоболоруна ылайык келген саясатты жана талаптарды иштеп чыгуу;

27) коопсуздуктун кечиктирилгис чараларын киргизүү жөнүндө талапты камтыган тескемелерди, буйруктарды, директиваларды, нускамаларды жана башка документтерди басып чыгаруу;

28) авиациялык коопсуздук жаатындагы саясаттын жана талаптардын ишке ашырылышын көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;

29) жарандык авиация уюмдарына учуулардын коопсуздугун жана авиациялык коопсуздукту камсыз кылууга таасирин тийгизбеген, Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде белгиленген талаптарды аткаруудан бошотууларды берүү. Тиешелүү бошотууларды берүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери менен аныкталат;

30) ушул Кодексте, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин актыларында каралган, жарандык авиация ишин жөнгө салууга тиешелүү болгон башка ыйгарым укуктарды жана иш-милдеттерди жүзөгө ашыруу.

2. Жарандык авиация органы белгиленген компетенциясынын алкагында Эл аралык жарандык авиация уюмунун стандарттарын жана сунушталган тажрыйбасын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, стандарттарын жана эрежелерин аткаруу боюнча ыйгарым укуктарды эл аралык органга, юридикалык жана жеке жактарга өткөрүп бере алат. Өткөрүп берилген иш-милдеттер жарандык авиация органы тарабынан көзөмөлдөнүүгө тийиш. Ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери менен белгиленет.

3. Мамлекеттик аба кемелеринин учууларынын коопсуздугун жана авиациялык коопсуздугун камсыз кылууну жөнгө салуу жана көзөмөлдөө үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана ушул мамлекеттик аба кемелери карамагында турган ведомстволорго жүктөлөт.

4. Кыргыз Республикасында жарандык авиация жаатында ишин жүзөгө ашырган бардык жеке жана юридикалык жактар жарандык авиация органы тарабынан чыгарылган бардык эрежелерди жана (же) колдонмолорду сактоого, жарандык авиация органынын буйругуна баш ийүүгө жана ага талап кылынган маалыматты жана документтерди берүүгө, ошондой эле жарандык авиация органынын кызмат адамдарына алардын жөнгө салуу жана көзөмөлдөө чөйрөсүнө кирген бардык маалыматтарга, документтерге, аба кемелерине, объекттерге, жабдууларга жана зоналарга каалаган убакта жетүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

5. Тастыктамалоо, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча өз милдеттерин аткаруу үчүн жарандык авиация органы башка органдарды уюштурууга/түзүүгө жана алардын ортосунда милдеттерди так бөлүштүрүү менен өз иш-милдеттерин аларга өткөрүп берүүгө укуктуу. Мындай органдардын укуктары жана милдеттери Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери менен белгиленет.

6. Жарандык авиация органы Учуулардын коопсуздугу боюнча Европа агенттиги, чет мамлекет же жарандык авиация чөйрөсүндөгү эл аралык уюм тарабынан берилген, авиациялык техникага жана авиациялык уюмдарга тиешелүү болгон тастыктамаларды, лицензияларды, бекитүүлөрдү жана башка документтерди тааныйт. Таануу жарандык авиация органы тарабынан бекитилген жол-жоболордун негизинде, же болбосо ал тарабынан кол коюлган макулдашууга ылайык жүзөгө ашырылат.

11-берене. Жарандык авиация органы тарабынан жүзөгө ашырылуучу тастыктамалоонун жана каттоонун түрлөрү

1. Жарандык авиация органы тастыктамалоонун жана каттоонун төмөнкүдөй түрлөрүн жүзөгө ашырат:

1) Кыргыз Республикасынын жарандык аба кемелерин жана алардын бөлүктөрүн тастыктамалоо, анын ичинде аба кемелеринин техникалык жана эксплуатациялык шарттарына зарыл болгон текшерүүлөрдү жүргүзүү;

2) Кыргыз Республикасынын жарандык аба кемелерин каттоо жана Кыргыз Республикасынын аба кемелеринин реестрин жүргүзүү;

3) Кыргыз Республикасынын жарандык аэродромдорун жана вертодромдорун тастыктамалоо. Бирге жайгашкан аэродромдорду жана вертодромдорду тастыктамалоодо Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясына тиешелүү болгон аэродромдун бөлүгү тастыктамаланат;

4) Кыргыз Республикасынын жарандык аэродромдорун жана вертодромдорун каттоо, Кыргыз Республикасынын жарандык аэродромдорунун жана вертодромдорунун мамлекеттик реестрин (мындан ары – Кыргыз Республикасынын аэродромдорунун жана вертодромдорунун реестри) жүргүзүү;

5) иши Кыргыз Республикасынын аба кемелеринин учуу коопсуздугун жана авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу менен байланышкан аба кемелеринин эксплуатанттарын, май куюучу уюмдарды, аэронавигациялык тейлөөнү берүүчүлөрдү, аба кемелерин техникалык тейлөөчү уюмдарды, жерде тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдү, авиациялык окуу жайларын жана борборлорун, жарандык авиациянын башка уюмдарын тастыктамалоо жана каттоо;

6) Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясынын авиация персоналын тастыктамалоо жана каттоо, Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясынын авиация персоналына күбөлүктөрдү берүүнү эсепке алуунун мамлекеттик реестрин жүргүзүү.

2. Тийиштүү уруксаттарды, тастыктамаларды, күбөлүктөрдү, корутундуларды берүү, таануу, узартуу, өзгөртүүлөрдү киргизүү, колдонулушун токтотуп туруу же жокко чыгаруу Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде каралган тартипте жүргүзүлөт.

3. Тастыктамаларды, лицензияларды, бекитүүлөрдү, уруксаттарды, күбөлүктөрдү жана квалификациялык белгилерди жана башка документтерди таануу алар Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине окшош эрежелер боюнча берилген учурларда жүзөгө ашырылат. Зарыл текшерүүнүн көлөмү жана таанууда документтерди берүү Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери менен аныкталат.

4. Жарандык авиация чөйрөсүндө тастыктамалоодо жарандык авиациянын эксплуатанттарынын жана уюмдарынын, аба кемелеринин, учкучсуз учуучу аппараттардын, аэродромдордун жана авиациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн жа-

**(Уландысы 5-бетте)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АБА КОДЕКСИНЕ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БЮДЖЕТТИК КОДЕКСИНЕ, САЛЫКТЫК ЭМЕС КИРЕШЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОДЕКСИНЕ) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

(Башталышы 4-бетте)

на жумуштардын ушул Кодекстин талаптарына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык келүүсү ырасталат.

5. Тастыктамалоонун максаты болуп адамдын өмүрүн жана ден соолугун, айлана-чөйрөнү, мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо, учуулардын коопсуздугун жана авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу, экономиканын, жеке жана юридикалык жактардын сапаттуу авиациялык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыктарын канааттандыруу саналат.

6. Жарандык авиация чөйрөсүндөгү тастыктамалоо жана көзөмөлдөө жол-жоболорун жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте жана өлчөмдөрдө төлөмдөр алынат. Жарандык авиация чөйрөсүндө тастыктамалоо аталган төлөмдөр тиешелүү өздүк эсепке төлөнгөндөн кийин жүзөгө ашырылат.

7. Кыргыз Республикасында өзгөчө абал же өзгөчө кырдаал киргизилген шарттарда тийиштүү уруксаттарды, тастыктамаларды, күбөлүктөрдү, корутундуларды берүү, таануу, узартуу, өзгөртүүлөрдү киргизүү, колдонулушун токтотуп туруу же жокко чыгаруу жарандык авиация органы тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

12-берене. Жарандык авиация органын каржылоо

1. Жарандык авиация органын каржылоо төмөнкүдөй жүзөгө ашырылат:

1) мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен;

2) жарандык авиация уюмдарынан келип түшкөн милдеттүү чегерүүлөрдүн эсебинен.

2. Жарандык авиация органы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жарандык авиация чөйрөсүндө төлөмдөрдү алууга укуктуу.»;

8) 13-беренеде:

а) 1 жана 2-бөлүктөр төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Териштирүү боюнча орган жана (же) комиссия учуулардын коопсуздугунун кызыкчылыгы үчүн авиациялык кырсыктарды жана инциденттерди териштирүүнү, ошондой эле ушул Кодекске, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү териштирүү боюнча орган жөнүндө жобого, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык башка иштерди жүзөгө ашырат.

2. Териштирүү боюнча орган жана (же) комиссия мамлекеттик бюджеттен каржыланат.»;

б) 3-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

в) 4-бөлүктүн биринчи абзацы «Териштирүү боюнча органдын» деген сөздөрдөн кийин «жана (же) комиссиянын» деген сөздөр менен толукталсын;

г) 5-бөлүктө «Териштирүү боюнча орган» деген сөздөр «Териштирүү боюнча орган жана (же) комиссия» деген сөздөргө алмаштырылсын;

д) 6-бөлүктө «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

е) төмөнкүдөй мазмундагы 7–11-бөлүктөр менен толукталсын:

«7. Авиациялык кырсыктарды жана инциденттерди териштирүүнү жүзөгө ашыруучу териштирүү боюнча орган жана (же) комиссия авиациялык кырсыкка же инцидентке тартылган адамдардын фамилияларын ачыктабайт.

8. Авиациялык кырсыктарды жана инциденттерди териштирүүнү жүзөгө ашыруучу териштирүү боюнча орган жана (же) комиссия борттук сөздөрдү өзү жазгычтардын үн жазууларынын мазмуну, ошондой эле визуалдык жагдайды борттук каттоочулардын видео же үн жазууларынын мазмуну ачыктабашы үчүн чара көрөт.

9. Авиациялык кырсыктарды жана инциденттерди териштирүүнү жүзөгө ашыруучу, акыркы отчеттун долбоорун алган териштирүү боюнча орган жана (же) комиссия анын ачыктабашы үчүн чара көрөт.

10. Териштирүү боюнча орган жана (же) комиссия териштирүү жүргүзүү боюнча нускамаларды алууга, суроого тийиш эмес жана алардын териштирүүлөрүнө тиешелүү маалыматтарга чектөөсүз жетүү жана аны контролдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ.

11. Териштирүү боюнча орган жана (же) комиссия Кыргыз Республикасынын авиациялык жана сот органдарына көз каранды эмес. Алардын уюштуруучулук жана ыкчам иши тергөөнүн жүрүшүнө же объективдүүлүгүнө тоскоол боло турган башка түзүмдөргө көз каранды эмес.»;

9) 14-берененин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунда, 16-берененин 2-бөлүгүндө «Өкмөт» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

10) 21-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«21-берене. Учкучсуз учуучу аппараттар

1. Учкучсуз учуучу аппараттар Кыргыз Республикасынын аймагынын үстүнөн учууларды жарандык авиация органынын уруксатынын негизинде аткарат.

2. Учкучсуз учуучу аппараттардын Кыргыз Республикасынын аба мейкиндигинде учкуч башкарган аба кемелери менен бирге учуусунун эрежелери Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде аныкталат.

3. Тизмеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү корголуучу объекттердин үстүнөн учкучсуз учуучу аппараттардын учуусу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылат.»;

11) 24-берененин 8-пунктунда, 28-беренинин 2-бөлүгүндө «Өкмөт» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

12) 34-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кыргыз Республикасынын кызыкчылыгында, ошондой эле мамлекеттик жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу кызыкчылыгында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимине ылайык учууларды жүзөгө ашыруучу аэронавигациялык тейлөөнү пайдалануучуларга карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген учурларды кошпогондо, аэронавигациялык тейлөөнү пайдалануучулар аэронавигациялык тейлөөнү берүүчүнүн кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөйт.»;

б) 2-бөлүктө «Өкмөтү» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

13) 36-беренеде:

а) 3-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Аба кемесин каттоо, каттоо жөнүндө тастыктаманы берүү, Кыргыз Республикасынын аба кемелеринин реестрин жүргүзүү, мамлекеттик таануу белгилерин пайдалануу, аба кемесин каттоодон алып салуу Кыргыз Республикасынын тиешелүү Авиациялык эрежелеринде белгиленет.»;

б) 5-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

14) 37–40-беренелер күчүн жоготту деп таанылсын;

15) 46-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«46-берене. Радиотехникалык жабдуулар, фотоаппаратура жана жогорку сезгич аралыктык аппаратура

1. Аба кемесинин бортунда орнотулган радиотехникалык каражаттар тиешелүү уруксат болгондо эксплуатацияланат. Аба кемесинин радиотехникалык жабдууларынын иштешине кандайдыр бир тоскоолдук жаратууга тыюу салынат.

2. Ар кандай аэрофотосүрөткө тартуу аппаратурасы жана жогорку сезгич аралыктык аппаратура аба кемесинин бортуна орнотулушу мүмкүн жана жарандык авиация боюнча ыйгарым укуктуу органдын уруксаты менен гана мындай уруксаттын шарттарына ылайык эксплуатацияланат.»;

16) 47-беренинин 2-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

17) 48-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«48-берене. Аба кемесинин тибин таанууга карата милдеттенмелер

1. Жаңы аба кемеси же аба кемесинин бөлүгү учууга жарактуулуктун техникалык талаптарына шайкештигин камсыз кылуу максатында типти таануу жол-жобосунан өтөт.

2. Аба кемелеринин тибинин тастыктамаларын таануу, бул тастыктамаларга өзгөртүүлөрдү киргизүү, ондоо долбоорун, айлана-чөйрөнү коргоо талаптарына шайкештиги тууралуу документтерди, ызы-чуу боюнча типтин тастыктамаларын, аба кемелеринин тибин жактыруу менен байланышкан башка тастыктамаларды жактыруу Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.»;

18) 9-главанын аталышында «жана анын бөлүктөрүн» деген сөздөр алып салынсын;

19) 49-беренинин 2 жана 3-бөлүктөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Кыргыз Республикасынын Жарандык аба кемелеринин реестрине катталган бардык аба кемелери Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде аныкталуучу шарттарга ылайык учууга жарактуулукту сактоо боюнча мезгилдүү текшерүүдөн өтүүгө тийиш. Текшерүү процессинде шарттарга шайкеш келбестиктер аныкталган учурда, учууга жарактуулук тастыктамасынын колдонулушу Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине ылайык токтотулуп турат же жокко чыгарылат.

3. Аба кемесин, анын курамдык бөлүктөрүн жана комплекттөөчүлөрүн (компоненттерин) техникалык тейлөө, модификациялоо Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине жана ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле аба кемесинин белгилүү бир тибин даярдоочунун техникалык шарттарына ылайык жүргүзүлөт.»;

20) 50-беренинин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Аба кемелерин, алардын курамдык бөлүктөрүн жана комплекттөөчүлөрүн (компоненттерин) техникалык тейлөө техникалык тейлөө боюнча бекитилген уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылат. Учууга жарактуулукту сактоону учууга жарактуулукту сактоо боюнча уюмдар жүзөгө ашырат. Техникалык тейлөө боюнча уюмдарды бекитүү жана аларга карата коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде белгиленет.»;

21) 51-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«51-берене. Аба кемесин техникалык тейлөө программасы

Аба кемесин, анын курамдык бөлүктөрүн жана комплекттөөчүлөрүн (компоненттерин) техникалык тейлөөнүн бардык түрлөрү аба кемесинин ар бир тиби жана модели үчүн аба кемесинин эксплуатанты тарабынан даярдалган техникалык тейлөөнүн бекитилген программасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде каралган тартипте жүргүзүлөт.»;

22) 52-беренеде:

а) 2-бөлүктө «чектелген» деген сөз алып салынсын;

б) 5-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

в) 6-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6. Аба кемелерине, анын ичинде жеңил жана өтө жеңил аба кемелерине, колго жасалган жана учкучсуз учуучу аппараттарга учууга жарактуулук тастыктамасын берүүнүн, токтотуп туруунун жана жокко чыгаруунун тартиби, ошондой эле башка чектөөлөр жана тыюу салуулар Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелери жана башка ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.»;

г) төмөнкүдөй мазмундагы 7-бөлүк менен толукталсын:

«7. Жарандык аба кемелеринин учууга жарактуулугун сактоо үчүн жоопкерчилик жарандык аба кемесинин эксплуатантына жүктөлөт.»;

23) 55-беренинин 1-бөлүгүндө «Өкмөт» деген сөз «Министрлер Кабинети» деген сөздөргө алмаштырылсын;

24) 59-беренинин экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Ыктыярдуу кабарлоолор тутуму, ошол кабарларды берген жарандык авиация уюмдарынын кызматкерлерин жазалоо үчүн колдонулбайт.»;

25) 62-берене күчүн жоготту деп таанылсын;

26) 64-беренинин 1-бөлүгүнүн 5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5) авиациялык коопсуздук чараларынын сапатын контролдоону жүргүзүү жана Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелеринде белгиленген башка чаралар менен.»;

27) 65-беренеде:

а) 3-бөлүктө «тастыктаманын» деген сөз «жол берменин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 11-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«11. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген атайын тизмекте аныкталган кызмат адамдарын кошпогондо, кароо аба кемесине ташылып жүргөн ар бир адамга жана анын жол жүгүнө карата жүргүзүлөт.»;

28) 66-беренеде:

а) 1-бөлүк «борборлоруна,» деген сөздөн кийин «жарандык авиациянын медициналык мекемелерине» деген сөздөр менен толукталсын;

б) 2-бөлүктө «жайларын жана борборлорун» деген сөздөр «жайларын жана борборлорун, жарандык авиациянын медициналык мекемелерин» деген сөздөргө алмаштырылсын;

29) 67-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«67-берене. Аудит жана инспекция жөнүндө отчет

Жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык түзүлөт.»;

30) 68-беренинин 3-бөлүгүндө:

а) 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

$3^2$. Виртуалдык активдерди чыгарууда алардын эмитенти виртуалдык активдердин ээлери катары реестрде катталган адамдардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн күрөөнү башкаруучуну дайындоого укуктуу. Күрөөнү башкаруучу виртуалдык активдердин эмитентине жана эмитенттин милдеттеринин өлчөмү анын активдеринин балансттык наркынын 10 пайызынан ашкан эминтенттин кандай болбосун кредиторуна карата аффилирленген жак болушу мүмкүн эмес.

$3^3$. Эгерде виртуалдык активдер боюнча камсыз кылуу жана/же күрөө үчүнчү жак тарабынан берилсе, виртуалдык активдерди чыгаруу жана жайгаштыруу жөнүндө чечимге жана ак кагазга (white paper) ушундай күрөө жана/же күрөө берген адам да кол коюшу керек.

$3^4$. Виртуалдык активдердин күрөө предмети ушул Жобонун $3^5$-пунктунда көрсөтүлгөн виртуалдык активдердин эмитентинин активдери болушу мүмкүн.

$3^5$. Виртуалдык активдер боюнча күрөө предметинин түзүмү жана курамы:

1) виртуалдык активдер мамлекеттик баалуу кагаздардын күрөөсү менен камсыздалышы мүмкүн – виртуалдык активдердин эмиссиясынын көлөмүнүн 100 пайызынан кем эмес, мында виртуалдык активдердин эмиссиясын күрөө менен камсыздоо максатында мындай баалуу кагаздардын күрөө наркы бул баалуу кагаздардын бааланган наркынын 100 пайызынан кем эмес кабыл алынат;

2) виртуалдык активдер ачык акционердик коомдор формасында түзүлгөн, лицензияланган тооруктарды уюштуруучуда эң жогорку жана эң жогоркудан кийинки категориялар боюнча – виртуалдык активдердин эмиссиясынын көлөмүнүн 100 пайызынан кем эмес листингден өткөн Кыргыз Республикасынын эмитенттеринин баалуу кагаздарынын күрөөсү менен камсыздалышы мүмкүн, мында виртуалдык активдердин эмиссиясын күрөө менен камсыздоо максатында мындай баалуу кагаздардын күрөө наркы баалуу кагаздардын баалоо наркынын 80 пайызынан ашпаган өлчөмдө кабыл алынат;

3) виртуалдык активдер юридикалык жакка таандык пайдалуу кендерди иштетүү укугунун күрөөсү менен камсыздалышы мүмкүн – виртуалдык активдердин эмиссиясынын көлөмүнүн 100 пайызынан кем эмес, мында мындай укуктун күрөө наркы көз карандысыз баалоо наркына ылайык пайдалуу кендерди иштетүүгө укуктун баалоо наркынын 50 пайызынан ашпаган өлчөмдө кабыл алынат;

4) виртуалдык активдер улуттук жана чет өлкөлүк валюталардагы акча каражаттарынын күрөөсү менен камсыздалышы мүмкүн – 100 пайыздан кем эмес, мында улуттук жана чет өлкөлүк валюталардагы акча каражаттарынын күрөө наркы алардын номиналдык наркынын 100 пайызы өлчөмүндө кабыл алынат;

*(Уландысы 13-бетте)*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ВИРТУАЛДЫК АКТИВДЕРДИ ЖҮГҮРТҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

# ТОКТОМУ

*(Башталышы 12-бетте)*

5) виртуалдык активдер алтындын күрөөсү менен камсыздалышы мүмкүн – 30 пайыздан кем эмес, мында алтындын күрөө наркы көз карандысыз баалоо наркына ылайык алтындын баалоо наркынын 100 пайызы өлчөмүндө кабыл алынат.

$3^{6}$. Виртуалдык активдер боюнча камсыздоонун жана/же күрөөнүн предмети болуп саналган мүлк виртуалдык активдер эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын каттоо үчүн документтер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилгенге чейин бир айдан кечиктирилбестен көз карандысыз баалоочу тарабынан бааланууга тийиш. Күрөө наркын баалоо алты ай бою актуалдуу деп эсептелет.

$3^{7}$. Эгерде күрөөнүн предмети кыймылсыз мүлк болсо, виртуалдык активдерди чыгаруу жана жайгаштыруу жөнүндө чечим виртуалдык активдер эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын каттоо үчүн документтер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилгенге чейин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталууга тийиш.

$3^{8}$. Эгерде күрөөнүн предмети баалуу кагаздар болсо, виртуалдык активдерди чыгаруу жана жайгаштыруу жөнүндө чечим тиешелүү көз карандысыз реестр кармоочу же депозитарий тарабынан катталууга тийиш, мында күрөөнүн предмети болуп саналган баалуу кагаздар виртуалдык активдер эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын каттоо үчүн документтер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилгенге чейин депонирленет.

$3^{9}$. Эгерде күрөөнүн предмети алтын, акча каражаттары жана кенди иштетүү укугу болсо, виртуалдык активдерди чыгаруу жана жайгаштыруу жөнүндө чечим виртуалдык активдердин тооругунун оператору (криптобиржа) же күрөөнүн предмети болуп саналган бул мүлк виртуалдык активдер эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын каттоо үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга документтер берилгенге чейин депонирленген банк тарабынан катталууга тийиш.

$3^{10}$. Күрөөлүк камсыздоо катталганга чейин виртуалдык активдер эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын мамлекеттик каттоого тыюу салынат.

$3^{11}$. Виртуалдык активдердин эмитенти алардын ээлеринин алдындагы милдеттенмелерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда акыркысы күрөөнү башкаруучуга (эгер мындай башкаруучу дайындалган болсо) жазуу жүзүндө кайрылууга укуктуу, ал 5 (беш) жумуш күндөн кечиктирбестен төмөнкү аракеттерди жасоого милдеттүү:

– виртуалдык активдердин эмитентине эмитент тарабынан милдеттенмелердин аткарылышы боюнча учурдагы кырдаалды түшүндүрүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү талап менен кайрылууга жана эгерде мындай милдеттенмелердин аткарылышынын мөөнөтү өтүп кеткен болсо, анда эмитентке 10 жумуш күндөн кечиктирилбеген мөөнөттө мындай мөөнөттү өткөрүп жиберүүнү четтетүү боюнча талапты жазуу жүзүндө билдирүүгө;

– эгерде күрөөнү башкаруучу 3 жумуш күндүн ичинде эмитенттен учурдагы кырдаалды түшүндүрүү жөнүндө билдирилген талапка жооп албаса же виртуалдык активдер боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздарды төлөө жөнүндө талап коюлган эмитент аларды 10 күндүк мөөнөттө аткарбаса, күрөөнү өндүрүү кайрылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган аракеттерди баштоого.

Күрөөнү башкаруучу (эгер мындай башкаруучу дайындалган болсо) виртуалдык активдердин эмитенти тарабынан алардын ээлеринин алдындагы милдеттенмелердин аткарылышы боюнча кырдаалга көз салып турууга жана виртуалдык активдердин ээлери эмитент тарабынан алардын ээлеринин алдында өз милдеттенмелерин толук же жарым-жартылай аткарбаган датадан тартып 30 (отуз) календардык күндөн ашык эмес убакыт өткөндөн кийин виртуалдык активдердин ээлери жок болгон учурда ушул пунктта көрсөтүлгөн аракеттерди көрүүгө милдеттүү.";

– 4, 5-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Виртуалдык активдер эмиссиясы жана ачык жайгаштыруу жол-жобосуна төмөнкү этаптар кирет:

1) эмитенттин виртуалдык активдерди чыгаруу жана жайгаштыруу жөнүндө чечим кабыл алуусу;

2) эмитенттин ак кагазы (white paper) бекитүүсү;

3) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда виртуалдык активдер эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын мамлекеттик каттоо;

4) виртуалдык активдердин ачык сунуштоо жөнүндө маалыматты ачуу;

5) виртуалдык активдерди жайгаштыруу;

6) виртуалдык активдерди чыгаруунун жыйынтыгын ишке ашты же ишке ашкан жок деп таануу.

5. Виртуалдык активдерди чыгаруу жана жайгаштыруу жөнүндө чечим менен төмөнкүлөр аныкталууга тийиш:

1) виртуалдык активдердин саны;

2) бир виртуалдык активдин номиналдык наркы;

3) виртуалдык активдерди жайгаштыруу мөөнөтү жана шарттары, анын ичинде виртуалдык активдин номиналдык наркынан дисконт менен алдын ала сатуу мезгили;

4) виртуалдык активди жүгүртүү шарты (жүгүртүү мөөнөтү, алмаштыруу жана кайтаруу шарттары, төлөө мүмкүнчүлүгү жана шарттары, виртуалдык активдерди үчүнчү жактарга өткөрүп берүү);

5) блокчейндин аталышы, виртуалдык активдердин эмитентинин капчыгынын жана смарт-контракттын дареги;

6) камсыздоого коюлган мүлктүн наркы жөнүндө маалыматтар жана виртуалдык активдерди чыгаруу күрөөсү;

7) күрөөнү башкаруучу (эгер мындай башкаруучу дайындалган болсо) жөнүндө маалыматтар;

8) күрөө берүүчүнүн күрөөгө коюлган мүлктөн виртуалдык активдердин ээлеринин пайдасына баш тартуу жөнүндө шарттары.

Виртуалдык активдерди чыгаруу жана жайгаштыруу жөнүндө чечим ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык форма боюнча таризделет.»;

– 3, 4, 7-главалардын аталышындагы, 13, 15–19, 28-пункттардагы «чыгарылышын» деген сөз «эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 8-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– 9–11-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9. Виртуалдык активдердин эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын мамлекеттик каттоо үчүн эмитент ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга төмөнкү документтерди берет:

1) ушул Жобонун 3-тиркемесине ылайык форма боюнча арыз;

2) виртуалдык активдерди чыгаруу жана жайгаштыруу жөнүндө чечим;

3) 3 нускада ак кагаз (white paper);

4) блокчейндин аталышы, эмитенттин виртуалдык активдеринин капчыгынын жана смарт-контракттын электрондук формадагы дареги;

5) эмитенттин юридикалык жак катары катталгандыгын ырастаган документтин көчүрмөсү (эмитент – юридикалык жак үчүн);

6) уюштуруу документтеринин көчүрмөлөрү (эмитент – юридикалык жак үчүн);

7) паспорттун көчүрмөсү (эмитент – жеке жак үчүн);

8) каттоо жыйымынын төлөнгөндүгүн ырастаган документ;

9) эмитенттин милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуунун бар экендигин ырастаган документтер;

10) виртуалдык активдер боюнча камсыздоо жана/же күрөө предмети болуп саналган мүлктү көз карандысыз баалоочунун баалоосунун көчүрмөсү;

11) күрөөлүк камсыздоонун катталгандыгын ырастаган документ;

12) эмитент же эмитенттин уюштуруучулары/акционерлери тарабынан ушул Жобонун 4, 5-тиркемелерине ылайык толтурулган жана кол коюлган анкеталар же болбосо толтурулган анкеталардын сканерден өткөрүлгөн көчүрмөлөрү, кийин түп нускасын берүү менен.

10. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган виртуалдык активдердин эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын мамлекеттик каттоо үчүн документтерди алган күндөн тартып 20 (жыйырма) жумуш күндөн кечиктирбестен виртуалдык активдердин эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын мамлекеттик каттоо жөнүндө же виртуалдык активдердин эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышынан мамлекеттик каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечим кабыл алат.

11. Виртуалдык активдердин эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын мамлекеттик каттоо жөнүндө чечим кабыл алынган учурда эмитентке ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын виртуалдык активдердин эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын мамлекеттик каттоо жөнүндө чечими жана катталган ак кагаздын (white paper) эки нускасы берилет.»;

– 17-пунктта:

экинчи абзац «эмиссиясын» деген сөздөн кийин «жана ачык жайгаштырылышын» деген сөздөр менен толукталсын;

үчүнчү абзацтагы «активдер эмиссиясы жөнүндө» деген сөздөр «активдерди чыгаруу жана жайгаштыруу жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«20. Виртуалдык активдер ак кагазда (white paper) белгиленген мөөнөттүн ичинде ачык сунушталышы мүмкүн.»;

– 26, 27-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«26. Виртуалдык активдердин эмиссиясын жана ачык жайгаштырылышын мамлекеттик каттоо үчүн жыйым (каттоо жыйымы) ошол чыгарылыштагы бардык виртуалдык активдердин жалпы номиналдык наркынын 0,01 пайызы өлчөмүндө ошол виртуалдык активдер боюнча тооруктар жана котировкалар болгон шартта төлөөнүн учурунда криптобиржалардагы курс боюнча алынат.

27. Бул виртуалдык актив боюнча тооруктар жана котировкалар жок болгон учурда криптобиржаларда виртуалдык активдердин эмиссиясын жана ачык жайгаштырууну мамлекеттик каттоо үчүн виртуалдык активдердин эмитенти тарабынан билдирилген ушул чыгарылыштагы бардык виртуалдык активдердин жалпы номиналдык наркынан 0,01 пайыз өлчөмүндө жыйым алынат.»;

– 31-пункттун биринчи абзацындагы «4-тиркемесине» деген сөздөр «6-тиркемесине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 32-пункттун үчүнчү абзацындагы «чыгарылышынын жана жайгаштырылышынын» деген сөздөр «эмиссиясынын жана/же ачык жайгаштырылышынын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

– жогоруда аталган Жобонун 1, 2-тиркемелери ушул токтомдун 1, 2-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын;

– жогоруда аталган Жобонун 3-тиркемесинин аталышындагы «чыгарууну» деген сөз «эмиссиясын жана ачык жайгаштырууну» деген сөздөргө алмаштырылсын;

– жогоруда аталган Жобонун 6-тиркемесинин аталышы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Виртуалдык активдердин эмиссиясынын жана/же ачык жайгаштыруунун жыйынтыктары жөнүндө кабарлоо»;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген 3-тиркеме ушул токтомдун 3-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Майнингди жүзөгө ашыруу боюнча иш үчүн сертификаттарды каттоо жана берүү тартибинде:

– 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасы – транзакциялардын блогун биргелешип түзүү жана берилген эсептөө ресурстарына ылайык сыйлыктарды бөлүштүрүү максатында виртуалдык активдердин майнинги боюнча иштин жүзөгө ашыруучу субъекттердин эсептөө кубаттуулуктарын бириктирүүгө арналган маалыматтык-технологиялык платформа;

Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучусу – виртуалдык активдердин майнинг боюнча ишти жүзөгө ашырган, белгиленген тартипте катталган жана өзүнүн эсептөө кубаттуулуктарын Бирдиктүү коллективдик майнинг мамлекеттик системасына кошкон субъект;

жеке кабинет – Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын платформасындагы персоналдаштырылган маалыматтык бөлүм, ага кирүү электрондук санариптик колтамга менен ишке ашырылат.»;

– 1-глава төмөнкүдөй мазмундагы $3^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$3^{1}$. Кыргыз Республикасынын аймагында майнинг жүргүзүүнүн натыйжасында алынган виртуалдык активдер Кыргыз Республикасынын аймагында лицензияланган виртуалдык активдердин тооругунун операторунун платформасында милдеттүү баштапкы жайгаштырылууга жана сатылууга тийиш.»;

– 4-глава төмөнкүдөй мазмундагы $11^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$11^{1}$. Арыз ээси лицензия алуу үчүн ыйгарым укуктуу органга берилген маалыматтардын аныктыгы үчүн, ошондой эле маалыматтардын өзгөргөндүгү жөнүндө ыйгарым укуктуу органга өз убагында кабарлоо үчүн Кыргыз Республикасынын административдик укук жаатындагы мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликти тартат.»;

– 6-глава төмөнкүдөй мазмундагы $21^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$21^{1}$. Майнерлер сертификатты кайра каттоо үчүн негиз болуп саналбаган, сертификат берүү үчүн арызга тиркелүүчү документтерде көрсөтүлгөн маалыматтардын өзгөргөндүгү жөнүндө ыйгарым укуктуу органга кабарлоого милдеттүү. Кабарлоо өзгөртүүлөр пайда болгондон кийин 10 (он) жумуш күндөн кечиктирбестен аталган өзгөртүүлөрдү ырастаган документтердин түп нускалары же алардын көчүрмөлөрү (салыштыруу үчүн түп нускаларын берүү менен) менен бирге жазуу жүзүндө берилет. Ыйгарым укуктуу орган кабарлоо келип түшкөн датадан тартып 3 жумуш күндүн ичинде Майнерлердин электрондук реестрине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизет.»;

– төмөнкүдөй мазмундагы 9–12-главалар менен толукталсын:

«9. Эсеп жана отчеттуулук

25. Майнерлер ай сайын ыйгарым укуктуу органга оперативдүү отчеттуулукту берүүгө милдеттүү. Отчеттуулуктун формасы ыйгарым укуктуу органдын буйругу менен бекитилет.

26. Майнерлер квартал сайын, отчеттук квартал аяктагандан кийин 10 жумуш күндөн кечиктирбестен финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык түзүлгөн финансылык отчеттуулукту ыйгарым укуктуу органга берүүгө милдеттүү.

10. Майнерлерди Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасы аркылуу каттоо

27. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасында майнингди каттоо төмөнкү ыкмалардын бири менен жүргүзүлөт:

1) ушул Тартиптин 1–7-главаларына ылайык майнерди каттоо жана сертификат алуу менен бир убакта;

2) майнинг боюнча ишти жүргүзүүгө сертификат алгандан кийин.

28. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасында каттоо үчүн арыз ээси ушул Тартиптин 11-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге кошумча ыйгарым укуктуу органга төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) ушул Тартиптин 4-тиркемесине ылайык форма боюнча Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасына каттоо тууралуу арыз;

2) майнинг жабдуусунун техникалык мүнөздөмөлөрү (модели, саны, хешрейти, электр энергиясын керектөөсү);

3) электр энергиясын керектөөнүн пландалган көлөмү жөнүндө маалымат;

4) майнинг жабдуусуна болгон менчик укугун же мындай жабдууну ижарага алуу келишимин ырастаган документтер.

29. Ыйгарым укуктуу орган Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасына каттоо тууралуу арызды 10 (он) жумуш күнүнүн ичинде карайт жана төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) арыз ээсин Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасына каттоо жөнүндө;

*(Уландысы 14-бетте)*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ВИРТУАЛДЫК АКТИВДЕРДИ ЖҮГҮРТҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

*(Башталышы 13-бетте)*

2) арыз ээсин Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасына каттоодон баш тартуу жөнүндө.

30. Арыз ээсин Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасына каттоодон баш тартуу үчүн негиздер болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1) берилген документтердин ушул Тартипте белгиленген талаптарга ылайык келбеши;

2) документтердин толук эмес топтомун тапшыруу;

3) анык эмес маалымат берүү;

4) майнинг жабдуусунун Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын техникалык талаптарына ылайык келбеши;

5) арыз ээсинин майнинг боюнча ишти жүргүзүүгө сертификатынын жоктугу.

31. Арыз ээсин Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасына каттоо чечими кабыл алынган учурда ыйгарым укуктуу орган 3 (үч) жумуш күндүн ичинде:

1) Майнерлердин электрондук реестрине тиешелүү маалыматтарды киргизет;

2) арыз ээсине Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын платформасындагы жеке кабинетке кирүү үчүн эсепке алуу маалыматтарын берет;

3) майнинг жабдууларын Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасына кошуу боюнча нускамаларды жөнөтөт.

11. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын иштөө тартиби

32. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын иштешинин техникалык параметрлери, кошуу протоколдору, жүктөмдү жана сыйлыктарды бөлүштүрүү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

33. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучулары тарабынан алынган виртуалдык активдер Кыргыз Республикасынын аймагында лицензияланган виртуалдык активдердин тоорукталарынын операторунун платформасында милдеттүү түрдө баштапкы жайгаштырылууга жана сатылууга тийиш.

34. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучуларынын ортосунда сыйлыкты бөлүштүрүү автоматтык режимде, берилген эсептөө кубаттуулугуна пропорционалдуу жүзөгө ашырылат.

35. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучусу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) берилген эсептөө кубаттуулугуна пропорционалдуу сыйлык алууга;

2) жеке кабинети аркылуу өз жабдуусунун иши тууралуу маалыматты реалдуу убакыт режиминде алууга;

3) ыйгарым укуктуу органга 5 (беш) жумуш күндөн кем эмес милдеттүү түрдө кабарлоо менен Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасына катышуусун убактылуу токтотуп турууга;

4) ыйгарым укуктуу органга 30 (отуз) календардык күндөн кем эмес кабарлоо менен Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынан чыгууга.

36. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучусу төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) ушул Тартиптин жана Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын иштөө регламентинин талаптарын сактоого;

2) Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасына кошулган өз майнинг жабдуусунун үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылууга;

3) ыйгарым укуктуу органга билдирилген параметрлерге шайкештигин текшерүү үчүн майнинг жабдуусуна жеткиликтүүлүктү берүүгө;

4) майнинг жабдуусунун курамында жана мүнөздөмөлөрүндө болгон өзгөрүүлөр жөнүндө мындай өзгөртүүлөр болгон учурдан тартып кийин 5 (беш) жумуш күндүн ичинде ыйгарым укуктуу органга кабарлоого;

5) ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген маалыматтык коопсуздук боюнча талаптарды аткарууга.

12. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучуларын эсепке алуунун жана отчеттуулуктун тартиби

37. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучуларынын майнинг жабдууларынын иши, сый акыларды бөлүштүрүү жана жүргүзүлгөн транзакциялар жөнүндө маалыматтарды эсепке алуу Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын платформасында автоматтык режимде жүргүзүлөт.

38. Ыйгарым укуктуу орган Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучуларынын кирешелери жөнүндө маалыматты түзүүнү жана салык органдарына берүүнү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте камсыз кылат.

39. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучулары ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген формада жана мөөнөттө алынган виртуалдык активдерди эсепке алууга жана ыйгарым укуктуу органга отчет берүүгө милдеттүү. Ошол эле учурда Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын алкагында гана иш жүргүзгөн катышуучулар ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген отчеттуулуктун жөнөкөйлөтүлгөн формасын берүүгө укуктуу.

40. Ушул Тартиптин жана Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын иштөө регламентинин талаптарын бузгандыгы үчүн катышуучу ыйгарым укуктуу органдын чечими менен Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынан чыгарылышы мүмкүн.

41. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынан чыгаруу майнинг боюнча ишти жүргүзүүгө сертификаттын колдонулушун автоматтык түрдө токтотууга алып келбейт.

42. Бирдиктүү мамлекеттик коллективдик майнинг системасынын катышуучулары менен ыйгарым укуктуу органдын ортосунда келип чыгуучу талаш-тартыштар «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган тартипте чечилет.»;

– бул токтомдун 4-тиркемесине ылайык редакциядагы 4-тиркеме менен толукталсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 30-сентябры, №625***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАНДЫК КЫЗМАТ ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

"Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-апрелиндеги №189 "Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптарда:

– 7-пункттун 3-пунктчасынын төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– мыйзамдарда каралган учурларда кызматчынын ишин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон көлөмдө санарип сабаттуулукка ээ болуусу.";

– 13-пункттун 1-пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– атайын билим каралган кызмат орундарынан тышкары, жогорку билим;";

– 14-пункттун 1-пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– атайын билим каралган кызмат орундарынан тышкары, жогорку билим;";

– 15-пункттун 1-пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– атайын билим каралган кызмат орундарынан тышкары, жогорку билим;";

– 16-пункттун 1-пунктчасынын экинчи, үчүнчү абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– мамлекеттик жарандык кызматчылар үчүн – атайын билим каралган кызмат орундарынан тышкары, жогорку билим;

– муниципалдык кызматчылар үчүн – атайын билим каралган кызмат орундарынан тышкары, жогорку же орто кесиптик билим;".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 29-декабрындагы №356 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык териштирүүнү уюштуруу жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык териштирүүнү уюштуруу жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жободо:

– 8-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толуктталсын:

"Кызматчы өзүнүн күнөөсүн чын дилинен моюнга алганда, комиссия кызматчынын чын дилинен моюнга алуусунда көрсөтүлгөн фактылардын чындыкка ылайык келишин текшерет жана алар ырасталган учурда мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин дарегине корутунду киргизет, анда жасалган жоруктун оордугу жана мүнөзү тууралуу маалыматтар жана кызматчыга карата жазанын конкреттүү түрүн колдонуу жөнүндө сунуш көрсөтүлөт.";

– 22-пункттун төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Жазуу жүзүндө түшүндүрмө берүүдөн баш тарткан учурда, электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу бир нече адам (комиссия мүчөлөрү) тарабынан түзүлгөн кызматтык кат (акт) таризделет. Түшүндүрмө берүүдөн баш тартуу жазаны колдонуу үчүн тоскоол болбойт.".

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-октябры, №626***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ ДЫЙКАНЧЫЛЫК ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУНА К.К.АЗЫКОВДУН ЫСЫМЫН ЫЙГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмери К.К.Азыковдун элесин түбөлүккө калтыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Айыл чарба илимдеринин кандидаты К.К.Азыковдун ысымы Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институтуна ыйгарылсын жана мындан ары ал: "К.К.Азыков атындагы Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институту" деп аталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-мартындагы №98 "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 6-пункттун 11-пунктчасында "Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институту" деген сөздөр "К.К. Азыков атындагы Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институту" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтомдун 2, 22-тиркемелери ушул токтомдун 1, 2-тиркемелерине ылайык редакцияда баяндалсын;

3) жогоруда аталган токтомдун 21-тиркемесинде:

– аталышында жана 1-пунктта түрдүү жөндөмөлөрдөгү "Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институту" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү "К.К.Азыков атындагы Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институту" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"6. Институттун расмий аталышы:

– мамлекеттик тилде: Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу "К.К. Азыков атындагы Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институту" мекемеси;

– расмий тилде: учреждение "Кыргызский научно-исследовательский институт земледелия имени К.К. Азыкова" при Министерстве водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики.

Кыскартылган аталышы:

– мамлекеттик тилде: "КДИИИ";

– расмий тилде: "КНИИЗ".".

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.


**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 2-октябры, №627***

# ЯНДЕКС GO

## ӨЗҮНҮН ТАКСИ СЕРВИСИН ДҮЛӨЙ АЙДООЧУЛАР ҮЧҮН ЫҢГАЙЛАШТЫРДЫ

Яндекс Go айдоочулар үчүн платформаны жаңыртты: эми дүлөй жана угуусу начар айдоочулар сервиске катталууну ыңгайлаштырылган – сайттан телефон чалуусуз эле ишке ашырат. Андагы окутуулар жаңсоо тилинде жеткиликтүү жана айдоочулар менен жүргүнчүлөрдүн ортосунда баарлашууга жардам берүү үчүн унааларда эми атайын карточкалар пайда болду. Кыргызстанда Яндекс Goдо 300дөн ашык дүлөй жана угуусу начар айдоочулар иштейт, алар айына 25 000ден ашык жүрүш жасашат.




Бул жаңылануу жыл сайын сентябрь айынын акыркы жекшембисинде белгиленүүчү Эл аралык дүлөйлөр күнүнө карата ишке ашты. Өзгөртүүлөр угуусу начар айдоочулардын тажрыйбасын жана пикирин эске алуу менен киргизилди.

Эми сервиске өзүнчө сайт аркылуу кошулса болот – ал толугу менен тексттик форматта болгондуктан, чалуунун зарылдыгы жок. Айдоочу форманы толтургандан кийин, колдоо кызматы мессенджер аркылуу байланышка чыгат. Яндекс Пронун аткаруучулары үчүн тиркемедеги окутуу жаңсоо тилине которулду.

Жүргүнчүлөр менен байланыш түзүү үчүн "Дүлөй же угуусу начар айдоочу" деген жазуусу бар чехолдор унаадагы баш койгучтарга кийгизилип, баарлашуу үчүн карталар пайда болду. Алардын жардамы аркылуу, мисалы, айдоочудан желдеткичти же музыканы күйгүзүүнү суранса болот. Эксперттер таксопарктар үчүн дүлөй жана угуусу начар айдоочулар менен баарлашууга жардам берүү үчүн эскертки даярдашты. Яндекс Про аны угуу мүмкүнчүлүгү чектелгендерге таксиде иштөө ыңгайлуу болуш үчүн жалпыга жеткиликтүү кылып койду.

Сыргак уулу Садык, сурдокотормочу:

«Инклюзия маанилүү, бирок аны ишке ашыруу өзгөчө аракетти талап кылат. Эң башкысы — ушул багытта кыймылдап болуш керек: ар бир кадам адамдардын жашоосун өзгөртөт. Дүлөй же угуусу начарлар менен иштегенде тилди жана маалыматты жеткирүү формасын ыңгайлаштыруу зарыл — аны түшүнүктүү, көнүмүш кылып берүү, визуалдык материалдар менен коштоо, колдорду жаңсоо тилин колдонуу керектелет. Мисалы, мен Яндекске угуу мүмкүнчүлүгү чектелген кыргызстандык айдоочулар үчүн окутуу видеолорун которуп, ыңгайлаштырууга жардам бердим. Дүйнөнү жана баарлашууну башкача кабыл алган адамдардын башкалардай эле мүмкүнчүлүктөрү бар, бирок коом жана бизнес алар менен тең укуктуу диалог жаратуу үчүн атайын шарт түзүүгө даяр болушу керек.»




Яндекс Про тиркемесинде буга чейин угуусунан мүчүлүштүгү бар айдоочулар үчүн атайын мүмкүнчүлүктөр пайда болгон. Аны иштеткенде, буйрутма келгенде айдоочунун смартфону дирилдеп, экран өчүп-күйүп баштайт. Жүргүнчүлөр менен кардарларды колдоо кызматы айдоочунун дүлөй же угуусу начар айдоочу экендиги тууралуу эскертет. Мындай учурда "чалуу" баскычы өчүп, байланыш чат аркылуу жүргүзүлө баштайт. Айдоочулар бул опцияны кардарларды колдоо кызматы аркылуу жандыра алышат – арыз иштелип чыккандан кийин сервистин интерфейсти жаңыланат.

---

### «КАЙЫҢДЫ-КАНТ» ААКсы

***биринчи чыгарылыштагы үчүнчү пайыздык мөөнөттөгү облигациялар боюнча төлөнгөн кирешени***

ЖАРЫЯЛАЙТ

Чыгарылган номер: **KG 0201069323, 2024-жылдын 28-октябры.**
Киреше алууга укуктуу облигация ээлеринин саны - **86.**
Чегерилген кирешенин суммасы - **2 250 000,00 сом.**
Киреше алган облигация ээлеринин саны – **83** киши.
Облигациялар боюнча төлөнгөн кирешенин суммасы - 2 238 615,00 сом.
Киреше төлөмүн ала элек облигация ээлеринин саны – 3 киши.
Облигациялар боюнча төлөнбөгөн кирешенин суммасы - **11385,00 сом.**
Киреше төлөмү жүргүзүлбөгөн облигациялардын саны – **253 нуска.**
**Төлөбөө себеби:** инвесторлор тарабынан талап кылынган эмес. Төлөм "ФК "Сенти" ЖЧКсына инвесторлордун келишине жараша (сунушу) боюнча жүргүзүлөт.

### ОАО «КАИНДЫ-КАНТ»

УВЕДОМЛЯЕТ

***о выплаченных доходах по облигациям третьего процентного периода первой эмиссии***

Номер выпуска - **KG 0201069323 от 28.10.2024 г.**
Количество владельцев облигаций, имеющих право на получение дохода - **86 чел.**
Сумма начисленных доходов – **2 250 000,00 сом**
Количество владельцев облигаций, получивших доходы – **83 чел.**
Сумма выплаченного дохода по облигациям – **2 238 615,00 сом.**
Количество владельцев облигаций, которым не выплачены доходы – **3 чел.**
Сумма невыплаченного дохода по облигациям – **11 385,00 сом.**
Количество облигаций, по которым не выплачены доходы - **253 экз.**
**Причина невыплаты:** не востребованы инвесторами. Выплата будет производиться по мере явки (обращения) инвесторов в ОсОО «ФК «Сенти».

### «КАЙЫҢДЫ-КАНТ» ААКсы

***2025-жылдын 30-сентябрында саат 11:00дө Панфилов району, Кайыңды шаары, Мир көчөсү №1, заводдун администрациясынын имараты дарегинде «Кайыңды-Кант» ААКнын акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушу өткөрүлгөндүгүн***

БИЛДИРЕТ

Жалпы чогулуштун формасы: жеке добуш берүү.
Добуш берүүчү акциялардын жалпы саны: 2 339 880.
Акционерлер катталды, 2 270 923 акция добуш берүү менен. Кворум 97,05%.

**Кабыл алынган токтомдор:**

**1.** Эсептөө комиссиясынын курамы бекитилсин: "Фирма Депо-Регистр" ЖЧКсынын директору Н.А.Марченко, ишкананын кызматкерлери Т.Э.Назаренко жана Е.В.Грамадчукова. "Макул" – 100%.

**2.** Директорлор кеңешинин 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча сый акылары бекитилсин. "Макул" – 100%.

**3.** Ишкананын балансында турган социалдык-маданий объектилер: маданият үйү жана бала бакча Кайыңды шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүлсүн. ("Макул" – коомдун добуш берүүчү акцияларынын жалпы санынын 97,05%ы).

### ОАО «КАИНДЫ-КАНТ»

УВЕДОМЛЯЕТ

***о том, что «30» сентября 2025 года в 11.00 часов состоялось внеочередное общее собрание акционеров ОАО «Каинды-Кант» по адресу: Панфиловский район, г. Каинда, ул. Мира №1, здание заводоуправления.***

Форма проведения общего собрания: очное голосование.
Общее количество голосующих акций - 2 339 880 экз.
Зарегистрировались акционеры, с количеством голосов – 2 270 923 акций, кворум - 97,05%.

**Принятые решения:**

**1.** Утвердить счетную комиссию в составе: Марченко Н.А., - директор ОсОО «Фирма Депо-Регистр, ЛТД», Назаренко Т.Е., Грамадчукова Е.В. - работники общества. **(за - 100 %).**

**2.** Утвердить вознаграждение Совету директоров по итогам работы 2024г. (за - 100 %).

**3.** Передать объекты соцкультбыта: Дом культуры и детский сад, находящиеся на балансе Общества, в муниципальную собственность мэрии г. Каинда. **(за – 97,05% от общего числа голосующих акций общества).**

***В связи с утерей зачетной книжки серия СК № 195001256 на имя Хашанло Малика Шисировича считать недействительным***

М.б.

***Марлес Феликске тиешелүү адвокаттык күбөлүгү №2831 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын***

Н-626

***Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети тарабынан 24.07.1999-жылы берилген Жунушалиева Мээрим Кубанычбековнага таандык каттоо №99014, ГБ №00833 диплому жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Б-к

### «ЭРКИН-ТОО» МАМЛЕКЕТТИК РАСМИЙ ГЕЗИТИНИН ПРАЙС-БАРАКЧАСЫ

**«Эркин-Тоо» мамлекеттик расмий гезити 2025-жылдын 30-ноябрында мөөнөтүнөн мурда өтө турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин үгүт-иштерин чагылдырууга катыша тургандыгын билдирет:**

Биринчи жана акыркы түстүү беттери 1 кв. см 50 сомдон
Ички түстүү беттери 1 кв. см 40 сомдон
Ички беттери (ак-кара, түстүү эмес) 1 кв. см 35 сомдон.
Ошондой эле депутаттыкка талапкерлер үчүн атайын чыгарылыштагы (спец. выпуск) 4-8-12-16 беттен турган (түстүү жана ак-кара түстүү эмес) гезиттик материалдарды даярдап чыгарып берет.

**Байланыш телефону: 62-19-06. 0773-11-75-87, 0705 11-75-87.**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО


Ош МПУнун ректору Б.Зулуев

БИЛИМ САПАРЫНДА – 100 ЖЫЛ!

# ОШ МПУ – ПЕДАГ ДАЯРДООНУН ФЛА

## БИЗДИН ТАРЫХ

Ош мамлекеттик педагогикалык университети Кыргызстандагы эң алгачкы окуу жай. Бир кылым жолду басып, кыргыз элинин сабатын ачып, өлкөнүн билим берүүсүн алга жылдыруу менен жаштарды жаркын келечекке сүрөп келүүдө. Окуу жайдын тарыхы кенен, жамааттын ынтымагы бекем болгондуктан бүгүнкүдөй зоболосу артып, 100 жылдык маарекеге жетип келди. Ош МПУнун башаты республика үчүн окутуучулук кадрлар маселесин чечүү максатында түзүлгөн адистештирилген окуу жайлардан башталат.

Алгач жергиликтүү улуттардын өкүлдөрүнөн мугалимдерди даярдоо максатында 1924-жылдын 17-июнунда Туркестан Крайынын Эл агартуу комиссариатынын чечими менен Ош шаарында алты айлык алгачкы педагогикалык курстар ачылган. Оштогу педагогикалык курстар 1925-жылдын 1-январына карата I деңгээлдеги мектептер үчүн 18 кара кыргыз мугалимин даярдоого жетишкен. Бул курстар 80 угуучуга эсептелип, анын негизги максаты биринчи даражадагы мектептерге жана сабатсыздыкты жоюу мектебине мугалимдерди даярдоо болгон.

Архивдик маалыматтар боюнча Базаркул Данияров Ош шаарындагы педагогикалык техникумдун ачылышына пайдубал түзүп, өзүнүн чоң салымын кошкон. Ал Ош ревкомунун президиумунда 1924-жылдан бери иштеп жаткан педагогикалык курстардын базасында педагогикалык техникумду уюштуруу маселесин көтөргөн. Ош округдук революциялык комитетинин президиуму анын педагогикалык курстарды уюштуруудагы ишмердүүлүгүн эске алып, педагогикалык техникумду түзүү жөнүндөгү комиссияга мүчө кылып киргизген. Буга Ош округдук революциялык комитетинин кичи президиумунун №12 токтомунун көчүрмөсү мисал боло алат. Бул демилгени Ош ревкомунун төрагасы, кыргыздын көрүнүктүү ишмерлеринин бири Дали Зулфибаев колдоп, натыйжада Ош округдук революциялык комитетинин 1925-жылдын 15-январындагы №14 токтомунун негизинде бир жылдык "Педагогикалык техникуму" ачылган.

Оштогу педагогикалык окуу жайдын ачылышы боюнча 1986-жылы басылып чыккан Кыргыз ССРинин тарыхында төмөндөгүдөй маалыматтар берилет: "1925-жылдын башында Оштогу 6 айлык курстардын базасында бир жылдык педагогикалык техникуму уюштурулуп, окуу мөөнөтү сентябрь айынан 3 жылдык болуп калган." Аталган маалымат булагы Ош педагогикалык окуу жайын Кыргызстандагы эң алгачкы окуу жай деп атоого негиз боло алат.

Педагогикалык техникум ачылган мезгилде бюджеттин тартыштыгынан материалдык базанын талапка жооп бербеши жана тиешелүү адистердин жоктугу техникум үчүн кыйынчылыктарды туудурган. 1927-жылы педагогикалык техникумда 8 класс болгон жана студенттер эки смен менен окушкан. Эки бөлмөлүү жатаканада 15 окуучу жашап, калган окуучулар батирде турушкан. Педагогикалык техникумдун эмгек жамаатын ар түрдүү улуттардын өкүлдөрү түзгөн жана алардын көпчүлүгү Москва, Ташкент, Алма-Ата шаарларынан билим алышкан. Мисалы, кыргыз улутунан С.Курманов, Б.Данияров, Деркенбаев, татар улутунан Гарифжанов, С.Салиханов, Хабибулин, лезгин улутунан Х.Исмаилова, уйгур улутунан А.Рахимов сыяктуу ар улуттун өкүлдөрү мугалим болуп эмгектенген. 20-30-жылдарда жаңы түзүлгөн улуттук мамлекеттерди жогорку билимдүү адистер менен камсыз кылуу партиянын жана СССРдин көңүл борборунда болгон. Россиянын борбордук райондорунан жогорку билимдүү мугалимдер улуттук республикаларга, анын ичинде Кыргызстанга да жиберилген. Ошондой адистердин бири, Ош педагогикалык техникумда орус тили жана адабияты мугалими болуп эмгек жолун баштаган Хабирахонум Исмаилова болгон. Хабирахонумдун окуучулары – Кыргыз эл акыны Темиркул Үмөталиев, Жоомарт Бөкөнбаев, Төлөн Шамшиевдер болушкан.

Ал эми 20-жылдардын экинчи жарымында ишке ашырылган аймактык реформаларда улуттук жана экономикалык кызыкчылыктар эске алынган. 1928-жылы республикада кантондор жоюлуп, анын ордуна райондор түзүлгөн. Кыргыз АССРнин Борбордук Аткаруу комитетинин жана Эл Комиссарлар советинин чечими менен Ош жана Жалал-Абад округдары бириктирилип, Ош округу түзүлгөн. Бул чечим Оштогу педтехникумдун ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизбей койгон жок. 1928-жылы Оштогу педагогикалык техникум Жалал-Абад шаарына көчүрүлгөн. Ош педагогикалык техникумун бүтпөй калган окуучулар Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайда окуусун улантышкан. Педагогикалык техникум кыска мөөнөттө түштүк регионуу үчүн 300гө жакын мугалимдерди даярдаган. Аталган окуу жай жыл өткөн сайын жаңыланып, бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

1994-жылы Ош педагогикалык техникуму бир канча жаңы адистиктердин ачылуусу менен Ош педагогикалык колледжи болуп түзүлсө, 1996-жылы Ош жогорку колледжи болуп өзгөртүлгөн. Аталган колледж өлкөдөгү билим берүүдөгү окутууну жаңы деңгээлге көтөрдү, мектептерди, орто-кесиптик жана жогорку окуу жайларды камсыз кылуу үчүн жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоого кеңири жол ачты. 2002-жылы Кыргыз өкмөтүнүн №316 токтомунун негизинде Ош жогорку колледжине "Ош гуманитардык-педагогикалык институту" статусу ыйгарылган. Педагогикалык жамааттын аткарылуучу ишке чыгармачылык мамиле жасоосу, ынтымагы, билим берүү сапаты жана жетекчиликтин колдоосу désинституттун беделин бара-бара жогорулаткан жана анын университет деңгээлине өсүшүнө өбөлгө түзгөн. Ааламдашуунун кучагында окуу жайдын заманбап талаптарга жооп берүүчү ийгиликтүү ишмердүүлүгүн, анын демократиялык кайра түзүлүүдөгү позитивдүү ролун, өлкөнүн коомдук-саясий турмушундагы татыктуу ордун эске алып, 2021-жылдын 5-апрелинде КР Билим берүү жана илим министрлигинин №368\1 буйругунун негизинде окуу жай "Мамлекеттик университет" макамына жетишкен. Тактап айтканда, Ош гуманитардык-педагогикалык институту Ош мамлекеттик педагогикалык университети статусуна ээ болгон.

**"Ош округдук революциялык комитетинин президиумунун токтому"**

*№14 15-январь, 1925-жыл.*



**1.** Педагогикалык курстардын ордуна мектептерге квалификациялуу кызматкерлерди даярдоо максатында 1 жылдык педагогикалык 120 угуучуга эсептелген техникум уюштурулсун.

**2.** Педагогикалык техникумдун Кара-кыргыз дыйкан эмгекчилерин агартуудагы ролу эске алынып педагогикалык техникумду уюштуруу жана каржылоо областтык бюджетке өткөрүлсүн.

**Ош округдук ревкомунун административдик саясий бөлүмүнүн башчысы.**

*(КР Б.А. фонд 647 оп 1-16.)*

## ОШ МПУ – БҮГҮНКҮ КҮНДӨ

Ош мамлекеттик педагогикалык университети 100 жыл аралыгында кылымдык тажрыйбаны арттыруу менен Кыргызстандын орто мектептерине жогорку квалификациялуу педагогдорду даярдоонун устаканасына айлана алды. Муну менен катар жылдан-жылга статусу жогорулап, жаңы көрсөткүчтөргө ээ





# ОГ КАДРЛАРДЫ АГМАНЫ


Ош МПУнун жаңы окуу корпусу

болгон университет, башка окуу жайлардан айырмаланып бир гана педагогикалык багытта адистерди даярдоо миссиясын ишке ашырууда.

Учурда окуу жайда 6 факультет, 1 колледж, 1 мектепке чейинки билим берүү мекемеси, 1 аспирантура жана магистратура бөлүмү ишмердүүлүк жүргүзөт. Окуу жайда 11 568 жакын студент, 462 магистрант, 63 аспирант билим алат жана мектепке чейинки билим берүү уюмунда 100дөн ашуун жаш жеткинчектер тарбияланып жатат. Жалпы 425 профессордук-окутуучулук курам болсо, анын ичинен 12 илимдин доктору, 40 илимдин кандидаты, доценттери, 96 магистр, 60 ага окутуучу, 217 окутуучу, спорт чеберлери жана билим берүүнүн мыктылары эмгектенет.

## ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ

Университет эл аралык аренада 50дөн ашуун алыскы жана жакынкы өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен алака түзүп, кызматташууларды ишке ашырып келет. Чет өлкөлүк жана ата мекендик ЖОЖдор, эл аралык уюмдар, фонддор, ири программалар жана өкүлчүлүктөр менен кызматташтык горизонту кеңейип, өнөктөш жогорку окуу жайлар менен академиялык мобилдүүлүк программасы, илимий иш сапарлар, жайкы университет долбоорлору, стажировкалар жана түрдүү иш-чаралар биргеликте жүзөгө ашырылат. Мобилдүүлүк программасынын алкагында учурда окуу жайдын студенттери өлкө ичиндеги бардык ЖОЖго жана тышкы Өзбекстан, Казакстан, Россия, Япония, Чехия, Германия, Венгрия сыяктуу бир канча өлкөлөрдүн окуу жайларына байма-бай барып окуп, практика өтөп, эл аралык долбоорлор менен бирге иш алып барышууда. ОшМПУнун студенттери үчүн Япония, Россия өлкөлөрүндө практика өтөө, "Жайкы университет" долбооруна катышуу салтка айланган. Профессордук-окутуучулук курамдын билимин өркүндөтүү, квалификациясын жогорулатуу максатында окутуучулар өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдө уюштурулган окуу курстарга, конференция, форумдарга байма-бай катышып келишет. Алсак, Чехия, Англия, Россия, Өзбекстан, Казакстан сыяктуу бир катар өлкөлөрдүн профессорлору ОшМПУга келип семинар, мастер-класстарды уюштуруп, лекцияларды окушат.

## СТУДЕНТТЕР ҮЧҮН ТҮЗҮЛГӨН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

Университет студенттердин бардык талаптарга шайкеш келген адис болуп калыптануусун камсыздоо үчүн мыкты мүмкүнчүлүктөрдү жаратып келет. Алсак, жаш илим изилдөөчүлөрдүн тобу, спорттун волейбол, тогуз коргоол, теннис, бокс, күрөш түрлөрү боюнча спорттук клубдар, талanttуу студенттердин "Кербен" ансамбли, "Нона" эстрадалык тобу, чыгармачыл жаштардын "Жаратман" чыгармачылык борбору, Жаштар комитети жана студенттердин эркин медиа борборуна айланган "Мурас" телестудиясы жигердүү кызмат көрсөтүп келет. Ишкердикке кызыккан жаш стартаперлердин тобун түзгөн "Бизнес идеяларды ишке ашыруу" борборунда студенттер белгилүү ишкерлерден билим алышып, долбоорлорун жазып, 2000 $-6000 $га чейинки суммадагы гранттарды утуп алышып, өздөрүнүн жеке бизнестерин жүзөгө ашырышууда. Жыл ичинде эң мыкты окуп, коомдук иштерде активдүүлүк жараткан студенттер Президенттик стипендияга ээ болушат. Ошондой эле жеке ишкерлер тарабынан да тандалган студенттерге 5000-10000ге чейинки стипендиялар берилет жана окуу жай тарабынан студенттик долбоорлорго 50 000-100 000ге чейинки акчалай гранттар ыйгарылса, республикалык эл аралык олимпиада, сынактардын жеңүүчүлөрүнө да белгилүү өлчөмдө сый-акылар берилип келет.



## МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ

Университеттин ички инфраструктурасы жана материалдык-техникалык базасы толугу менен заман талабына жооп берет. Окуу жайда жалпысынан 4 окуу корпусу, 650 орундуу студенттик жатакана жана 400 орундуу бала бакча бар. Катарда ишке ашкан эң масштабдуу 5 кабаттуу заманбап үлгүдөгү окуу корпусу университеттин өз эсебинен каржыланып, учурда колдонууга берилген. Ошондой эле окуу жайдын базасында түзүлгөн "Бөбөктай" мектепке чейинки билим берүү мекемеси түзүлүп, ишке киргизилди. Жогорку ылдамдыктагы интернет менен жабдылган компьютердик залдар, электрондук китепкана, виртуалдык лабораториялар, заманбап мультимедиалык кааналар, панелдер менен жабдылган лекциялык залдар, окуу залдары, лингофондук кааналар, редакциялык басмакана, китепкана, спорттук аянтчалар жана теннистик корттор, илимий жана ишкердик борборлору кызмат көрсөтүүдө.

## САНАРИП УНИВЕРСИТЕТ

Санарип университет программасынын негизинде ОшМПУда бардык документ иштери электрондук форматка өткөрүлдү. Студенттер окутуучудан көз карандысыз түрдө АВН порталы аркылуу экзамен, модулдарын компьютердин жардамында тапшырып, автоматтык түрдө жыйынтыгы чыгып турат. Ата-энелер өз балдарынын модулдан, экзаменден алган бааларын студенттин жеке кабинети аркылуу үйдө туруп көрүп, маалымат алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Окутуучуну баалоо ички рейтинг түзүмү ишке ашып, анын натыйжасында профессордук-окутуучулук курамдын ишмердүүлүгүнүн сапатын көтөрүү, илимий изилдөө иштерине тартуу жана стимулдаштыруу менен айлык акысына кошумча сый акыны аныктоо системасы жүзөгө ашты. AiDoc системасы менен университеттин ичинде документ айлантуу структуралар арасында толук электрондук форматта жүргүзүлүүдө. Мындан сырткары электрондук журнал, электрондук окуу планы жана силлабус, электрондук архив, электрондук отчеттук карта, электрондук китепкана сыяктуу онлайн программалар ишке ашкан. "Бирдиктүү терезе" системасы аркылуу университеттин ичинде документ жүргүзүү толук электрондоштурулду. Infodocs электрондук документ жүгүртүү системасы иштөө менен иш кагаздар автоматташтырылып, документтер электрондук форматка өткөрүлгөн. Бул система каттарды жана башка кагаз иштерин жөнөтүү жана жеткирүү убактысын кыскартууга, ошондой эле аткаруучулук тартипти жакшыртууга жардам берип, университетте документтер менен иштөөнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзүүдө.

**Даярдаган**
**Мамат ӨСӨРОВ**

**ШАЙЛООЧУЛАРГА, ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ, САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРГА, ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫНА, ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН МҮЧӨЛӨРҮНӨ ЖАНА ШАЙЛОО ПРОЦЕССИНИН КАТЫШУУЧУЛАРЫНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН КАЙРЫЛУУСУНУН ТЕКСТИ ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ЧЕЧИМИ**

"Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 Жарлыгына, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын ченемдерине ылайык, шайлоочуларды, талапкерлерди, саясий партияларды, жалпыга маалымдоо каражаттарын, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процессинин катышуучуларын маалымдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Шайлоочуларга, талапкерлерге, саясий партияларга, жалпыга маалымдоо каражаттарына, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө жана шайлоо процессинин катышуучуларына Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын кайрылуусунун тексти жактырылсын.

**2.** Бул чечим жана кайрылуунун тексти "Эркин-Too" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул чечим кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 30-сентябры, №9***

# Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын КАЙРЫЛУУСУ

**Урматтуу шайлоочулар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, талапкерлер, саясий партиялардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, шайлоо процессинин катышуучулары!**

"Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо **2025-жылдын 30-ноябрына** дайындалды.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесине ылайык, **шайлоо аракеттеринин мөөнөтү үчтөн бирге кыскарат.**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн 30 көп мандаттуу шайлоо округу түзүлөт, алардын ар биринде Жогорку Кеңештин 3төн депутаты 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Мында шайлоочу өзүнүн тандоосу боюнча бир гана талапкерге добуш берүү укугуна ээ.

Жогорку Кеңештин 90 депутаты мажоритардык тутум боюнча көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайланат.

Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү укугу саясий партияларга жана өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга таандык.

**Урматтуу Кыргыз Республикасынын жарандары, шайлоочулар!**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо укугуна Кыргыз Республикасынын **18 жашка толгон** жарандары ээ.

Шайлоочулардын укуктарын ишке ашыруу, шайлоочуларды өзү жөнүндө маалыматтар менен тааныштыруу, ошондой эле добуш берүүнү өткөрүү максатында ар бир шайлоо участогу боюнча шайлоочулардын тизмеси түзүлөт.

Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ болгон, жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналган жана биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын бардык жарандары киргизилет. Шайлоочунун жергиликтүү жамаатка мүчөлүгү паспорттун чипине жазылган жарандын паспортундагы жашаган жерин каттоо жөнүндө белги же добуш берүү күнүнө чейин 60 күндөн кем эмес мөөнөттө жүргүзүлгөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспортторунун мамлекеттик реестринде жашаган жеринин дарегин каттоо менен аныкталат.

Добуш берүү күнүнө чейин 53 календардык күн калганда, башкача айтканда, **2025-жылдын 8-октябрына** чейин көп мандаттуу шайлоо округдарындагы шайлоо участкалары боюнча түзүлгөн **шайлоочулардын алдын ала тизмеси** www.tizme.gov.kg мамлекеттик порталга жайгаштырылат, андан Сиз өзүңүз жөнүндө маалыматтарды тактап алсаңыз болот.

Ошондой эле добуш берүү күнүнө 47 календардык күн калганда, башкача айтканда, **2025-жылдын 14-октябрына** чейин тиешелүү участоктордо шайлоочулардын алдын ала тизмеси таанышуу үчүн илинет.

Өзүңүз жөнүндө маалыматтарды төмөндөгүлөрдөн тактасаңыз болот:

- 1255 же 119 номерлерине чалуу менен;
- www.tizme.gov.kg мамлекеттик порталы аркылуу;
- шайлоо участогунда;
- "119" номерине өзүңүздүн ПИН-паспорттогу жеке идентификациялык номериңизди көрсөтүү менен СМС-билдирүү жиберүү аркылуу, Сиз шайлоо участогунун номерин жана дарегин ала аласыз (СМС-билдирүү жөнөтүү жана телефон чалуу акысыз).

Эгерде кандайдыр бир ката же так эместик аныкталса, ошондой эле алдын ала шайлоочулардын тизмесинде сиз жок болсоңуз, добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен, башкача айтканда, **2025-жылдын 8-октябрынан 19-ноябрына чейин (кошулган күндү эсепке алуу менен)** тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына кайрылууга жана www.tizme.gov.kg сайтындагы "Шайлоочунун кабинети" сервиси аркылуу белгиленген тартипте авторизациядан өтүү менен электрондук түрдө арыз берүүгө укуктуусуз.

Биометрикалык каттоодон өтө элек жарандар калкты тейлөө борборлорунда (КТБ) жана жашаган жери боюнча жарандык абалдын актысын жазуу, паспорттоштуруу жана калкты каттоо органдарынан (Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу ведомстволук түзүм) ушул жол-жободон өтсө болот.

Шайлоодо добуш берүү күнү шайлоочулардын тизмесине киргизилген жарандар гана добуш берүү укугуна ээ экендигин эсиңиздерге салабыз.

**Урматтуу талапкерлер, саясий партиялардын өкүлдөрү!**

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык, Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат:

- Кыргыз Республикасынын жараны;
- шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон;
- шайлоого укугу бар;
- жогорку кесиптик билими бар;
- мамлекеттик тилди билген;
- депутаттыкка талапкерлигин көрсөтүүнүн алдында республикада акыркы 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашоодо өндүрүштүк, илимий, кызматтык себеп же башка зарылчылык боюнча өлкөнүн чегинен тышкары иш сапарларына байланыштуу ар бир жылда алты айга чейинки үзгүлтүктөргө жол берилет.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына шайланууга төмөнкү адамдар укуксуз:

1) соттолгондугу бар, анын ичинде алып салынган же жоюлган;

2) аларга карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган, төмөнкүлөрдү кошпогондо:

- коркунучтуулугу аз кылмыштар этиятсыздыктан жасалган анча оор эмес кылмыштар;
- Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жана аларда каралган тартипте жабырлануучу жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тарткан жана (же) жабырлануучу айыпталуучу менен макулдашууга жетишкен учурлар;

3) диний ишмерлер өздөрүнүн диний ишмердигин токтоткондон кийин 5 жыл ичинде.

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 60-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 60-1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлерди көрсөтүү шайлоо округдарынын тизмеси расмий жарыяланган күндөн тартып, шайлоо күнүнө 30 календардык күн калганда, **2025-жылдын 30-октябрында (кошуп алганда)** жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00дө аяктайт.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү жолу менен шайлоого катышууга саясий партияларды каттоо иш-милдеттерин жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органында шайлоо жарыялангана чейин катталган жана (же) кайра катталган саясий партияларга жол берилет.

Саясий партиялар Жогорку Кеңештин депутаттыгына көп мандаттуу ар бир шайлоо округу боюнча бирден талапкерди саясий партиянын съездинде жашыруун добуш берүү аркылуу көрсөтөт. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү ар бир талапкер кайсы көп мандаттуу шайлоо округунда ат салышаары көрсөтүү менен жүзөгө ашырылат.

Депутаттыкка талапкерди көрсөтүү боюнча саясий партиянын съездине КР БШК мүчөсү катышууга укуктуу.

Талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечим саясий партиянын колу жана мөөрү менен күбөлөндүрүлөт жана КР БШКга берилет.

Саясий партиянын съездинин чечимдери Борбордук шайлоо комиссиясына берилгенден кийин тиешелүү шайлоо округдары боюнча көрсөтүлгөн талапкерлердин курамы өзгөртүлүшү мүмкүн эмес.

Саясий партия аталган ушул партиянын мүчөлөрү болуп саналбаган Кыргыз Республикасынын жарандарын Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер кылып көрсөтүүгө укуктуу.

Саясий партия башка саясий партиялардын мүчөлөрү болуп саналган жарандарды Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер кылып көрсөтүүгө укуксуз.

Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүүдө саясий партия талапкерлердин жалпы санынын 70 пайызынан ашпаган бир жыныстагы адамдардын өкүлчүлүгү жөнүндөгү талапты сактоого милдеттүү.

Өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди депутаттыкка көрсөтүү талапкердин өзүнүн ушул шайлоо округу боюнча талапкерлигин добушка коюу ниети жөнүндө арызын КР БШКга берүү жолу менен жүргүзүлөт.

Жогорку Кеңешке өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде депутаттыкка талапкер бир гана көп мандаттуу шайлоо округу боюнча көрсөтүлүшү мүмкүн.

Кыргыз Республикасын санариптештирүү саясатынын алкагында талапкерлерди каттоо үчүн «Электрондук талапкер» программасы киргизилген, ал талапкерлерге документтерин электрондук түрдө киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. Талапкерлердин маалыматтарынын мыйзамдардын талаптарына ылайык келишин текшерүү "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу ишке ашырылат (паспорттогу маалыматтары (катталгандыгы), КР жарандыгы (СӨМ), соттуулугунун жоктугу (ИИМ), жогорку кесиптик билиминин болушу (ББжИМ) ж.б.).

Депутаттыкка талапкерлерди каттоо шайлоо күнүнө 20 календардык күн калганда башкача айтканда **2025-жылдын 10-ноябрында** аяктайт.

Талапкерлерди каттоодо талапкерлерге көмөк көрсөтүү максатында, КР БШКнын расмий сайтында арыздардын формалары жайгаштырылган, шайлоого катышуучу талапкерлер үчүн шайлоо өнөктүгүнө катышуу маселелери – үгүт, шайлоо өнөктүгүн каржылоо жана шайлоо талаш-тартыштары маселелери боюнча усулдук материалдардын жана ченемдик актылардын жыйнагы даярдалды. Жакын арада шайлоого катышуу маселелери боюнча маалыматтык-түшүндүрүү семинарлары өткөрүлөт.

**Урматтуу жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын өкүлдөрү!**

Мыйзамга ылайык, шайлоону маалыматтык камсыз кылуу - шайлоочуларды кабардардыруу жана жарандардын өз эркин аң-сезимдүү билдирүүсүнө, шайлоонун айкындуулугуна көмөктөшүүчү шайлоо алдындагы үгүттү өзүнө камтыйт.

Үгүт процессине катышуу үчүн ЖМКлар жана интернет-басылмалар Кыргыз Республикасынын БШКга жазуу жүзүндөгү арызы менен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитациядан өтүшү керек.

Тиешелүү телерадиоберүү уюмдары, мезгилдүү басылмалардын редакциялары, интернет-басылмалардын ээлери арызы менен бирге эфирдик убакытты, басылма аянтты төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттары же маалымат каражаттары, интернет-басылмада жарыялоо укугу жөнүндө маалыматтарды берүүгө милдеттүү.

Мында акы төлөнүүчү эфир убактысынын, басылма

(Уландысы 19-бетте)

# Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын КАЙРЫЛУУСУ

(Башталышы 18-бетте)

аянтынын баасы бардык партиялар, талапкерлер үчүн бирдей болууга жана шайлоо дайындалган күнгө чейинки 6 ай үчүн алынган баадан ашпоого тийиш.

Шайлоо мыйзамдарын бузган учурда КР БШК жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын аккредитациясын чакырып алууга укуктуу.

Шайлоо алдындагы үгүт бардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат жана добуш берүү башталганга 24 саат калганда башкача айтканда **2025-жылдын 10-ноябрында башталып, 29-ноябрында саат 8:00дө** аяктайт.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштыруучу же башка ыкма менен таратылган маалыматтык материалдардын мазмуну объективдүү, анык болууга, талапкерлердин, саясий партиялардын теңдигин бузбоого, аларда кайсы бир талапкерге артыкчылык берилбөөгө тийиш.

Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитацияланбаган жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү маалыматтык чагылдырууга шайлоо алдындагы үгүттүн белгилери камтылбаган маалыматтарды чагылдыруу аркылуу гана катышууга укуктуу.

Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү маалыматтык чагылдырууга катышуучу жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;

2) шайлоо комиссияларынын протоколдору менен таанышууга;

3) шайлоо комиссиясынан протоколдордун жана аларга тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

4) шайлоого даярдык көрүү мезгилинде, ал эми добуш берүү күнү шайлоочулардын добуш берүүлөрүнүн жашыруундуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө жана добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарууга тоскоол болбостон, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган жерден фото- жана көрмө-тартууну жүзөгө ашырууга;

5) өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү, алар атынан чыккан уюмдардын аталышы белгиленген, шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыбаган төш белги тагынып жүрүүгө.

КР БШК жалпыга маалымдоо каражаттарын маалыматтык өнүктүккө жигердүү катышууга, жарандарга шайлоонун жүрүшү жана эрежелери, талапкерлер жөнүндө өз убагында жана ишенимдүү маалымат берип турууга чакырат.

КР БШК жалпыга маалымдоо каражаттарын маалыматтык өнөктүккө жигердүү катышууга чакырат жана өз кезегинде шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү, шайлоо комиссияларынын иши тууралуу бардык керектүү маалыматты берип турууга даяр экендигин билдирет.

www.shailoo.gov.kg – КР БШКнын расмий сайты,

www.tizme.gov.kg – шайлоочулардын тизмесинин порталы,

www.talapker.shailoo.gov.kg – талапкерлер жөнүндө порталы.

**Урматтуу округдук жана участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү!**

Мыйзамдуулук, калыстык, айкындуулук, ачыктык силер менен биздин ишибиздин негизги иш принциптери болуп саналат. Калктын бүтүндөй шайлоо процессине ишеним деңгээли көбүнесе силер менен биздин иш-аракеттерибизге жараша болот. Мекенди сүйүү, жарандык милдетти жогорку деңгээлде сезе билүү жана коом алдындагы жоопкерчилик, компетенттүүлүк, бизге мыйзамдуу, ачык-айкын жана анык демократиялык шайлоо өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет!

**Урматтуу шайлоо процессинин катышуучулары!**

Шайлоо укук нугунда өтүшү үчүн шайлоо мыйзамдарындагы ченемдердин талаптарын катуу сактоо, ал эми шайлоо процессинин башка катышуучулары менен өз ара аракеттешүүдө өз ара сый-урмат көрсөтүп, сабырдуу болуу зарыл.

КР БШК өзү тараптан шайлоо процессинин бардык катышуучулары үчүн ачык иштейт, ачык-айкындуулукту кепилдейт жана шайлоо тынч, туруктуу атмосферада өтүшү үчүн мүмкүн болушунча күч-аракет жумшайт, өлкөбүздүн жарандары шайлоо укуктарын толук ишке ашыруусу үчүн бардык керектүү шарттарды түзөт.

**Байланыш маалымат жана БШКнын маалымат ресурстары:**

КР БШКнын расмий сайты www.shailoo.gov.kg

www.talapker.shailoo.gov.kg сайтында талапкерлер, талапкерлердин шайлоо программалары жана шайлоо фонддору тууралуу жалпы маалыматтар көрсөтүлгөн.

БШКнын Даттануулар жана кайрылуулар реестринде (https://www.shailoo.gov.kg/ru/registry/) атайын электрондук ресурсунда шайлоо комиссияларына (КР БШК, ОШК, УШК) келип түшкөн даттануулар жана арыздар, алар боюнча кабыл алынган чечимдер жана сот актылары менен тааныша аласыз.

БШКнын ыкчам аракеттенүүчү координациялык тобунун шайлоочулар жана шайлоо мыйзамдарынын башка субъектилери үчүн шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары жөнүндө маалымат берүү үчүн байланыш каналдары:

- 1255 – кыска номери;
- 0506 809-909 WhatsApp номерлери;
- 0312 62-62-46 – ишеним телефону;
- kgor@shailoo.gov.kg – электрондук дарек;

0312 66-02-40 – КР БШКнын коомдук кабылдамасы.

## 2025-ЖЫЛДЫН 30-НОЯБРЫНА ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА НЕГИЗГИ УЮШТУРУУ-ПРАКТИКАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАРЫНЫН КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 Жарлыгы менен дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүүнүн уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын календардык планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 30-сентябры, №83***

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 30-сентябрындагы №83*
*токтому менен бекитилген*

## 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

***Шайлоо күнү – Жекшемби, 2025-жылдын 30-ноябры***

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Аткаруу мөөнөттөрү | Аткарууга жооптуулар |
|---|---|---|---|
| | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жарандарга, саясий партияларга, жалпыга маалымдоо каражаттарына (мындан ары – ЖМК), шайлоо комиссияларына жана шайлоо процессинин катышуучуларына кайрылуусу | Шайлоо дайындалгандан кийин | Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - БШК) Маалыматтык камсыз кылуу сектору |
| | БШКнын Жумушчу топторун түзүү | Шайлоо дайындалгандан кийин | БШК Укуктук камсыздоо бөлүмү |
| | **Шайлоону маалыматтык жактан камсыздоо** | | |
| 1 | БШКга ЖМК, интернет-басылмалар тарабынан эфир убактысын, басылма аянтын бергендиги үчүн төлөө өлчөмү же интернет-басылмада жарыялоо укугу жана башка шарттары жөнүндө маалыматтарды берүү | Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 13 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 12-октябрына чейин (кошуп алганда) | БШКнын жумушчу тобу, маалыматтык камсыз кылуу сектору, ЖМК, интернет-басылмалар «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинин 20-бөлүгү (мындан ары - Мыйзам) |
| 2 | БШК расмий сайтында эфир убактысын, басылма аянтты төлөө өлчөмү же интернет-басылмада жарыялоо укугу жана башка шарттар жөнүндө берилген маалыматтарды жарыялоосу | Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 17 күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 17-октябрына чейин) | Маалыматтык камсыз кылуу сектору Мыйзамдын 22-беренесинин 20-бөлүгү |

(Уландысы 20-бетте)

**2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын**

## КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

(Башталышы 19-бетте)

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Аткаруу мөөнөттөрү | Аткарууга жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 3 | Коомдук пикирди сурамжылоонун натыйжаларын, шайлоонун натыйжаларынын божомолдорун, шайлоого байланышкан башка изилдөөлөрдү жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жарыялоого (чагылдырууга) тыюу салуу | Добуш берүүгө чейинки акыркы 3 календардык күндүн ичинде, ошондой эле добуш берүү күнүн жарыялоо (чагылдыруу) (2025-жылдын 27-ноябрынан) | БШКнын жумушчу тобу Мыйзамдын 22-беренесинин 6-бөлүгү |
| **Көп мандаттуу шайлоо округдарын түзүү, округдук шайлоо комиссияларын түзүү** | | | |
| 4 | Көп мандаттуу шайлоо округдарын түзүү үчүн калкты каттоо жана документтештирүү, жерге жайгаштыруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана ЖӨБО тарабынан маалыматтарды берүү | Шайлоо күнү дайындалгандан кийин 2 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 2-октябрына чейин (кошуп алганда)) | БШКнын жумушчу тобу Мыйзамдын 13-беренесинин 3-бөлүгү |
| 5 | Шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын түзүү жана бекитүү | Шайлоо күнү дайындалгандан кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 6-октябрына чейин) | БШК Мыйзамдын 13-беренесинин 4-бөлүгү |
| 6 | Шайлоо округдарынын тизмесин БШК расмий сайтында жана ЖМКда жарыялоо | Округдар бекитилгенден кийин 3 календардык күндүн ичинде | БШК Мыйзамдын 13-беренесинин 7-бөлүгү |
| 7 | Округдук шайлоо комиссияларын түзүү | Шайлоо округдары түзүлгөндөн кийин | БШК Мыйзамдын 12-беренесинин 5-бөлүгү |
| **Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде шайлоо участокторун түзүү** | | | |
| 8 | Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде шайлоо участкаларын түзүү | КРнын ТИМинин сунушу боюнча | ТИМ<br>БШК<br>Округдук шайлоо комиссиясы (мындан ары – ОШК)<br>Мыйзамдын 13-1-беренесинин 2-бөлүгү |
| 9 | БШКнын, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин жана аккредитацияланган чет өлкөдөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өкүлчүлүктөрүнүн сайттарында шайлоо участоктору жөнүндө маалыматтарды жайгаштыруу | Бекитилген күндөн тартып 3 календардык күндөн кечиктирбестен | ТИМ,<br>БШК,<br>Мыйзамдын 13-1-беренесинин 5-бөлүгү |
| **Добуш берүү үчүн жай** | | | |
| 10 | Майыптыгы бар шайлоочулардын муктаждык картасын түзүү | Добуш берүү күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 20-октябрына чейин (кошуп алганда) | ОШК, УШК, ЖӨБО Мыйзамдын 29-беренесинин 6-бөлүгү |
| 11 | Добуш берүүчү жайды майыптыгы бар шайлоочулардын муктаждык картасында көрсөтүлгөн керектөөлөрүнө ылайык келишин текшерүү | Добуш берүү күнүнө чейин 33 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 28-октябрына чейин) | ОШК, УШК, ЖӨБО Мыйзамдын 29-беренесинин 6-бөлүгү |
| 12 | ЖӨБОлорго майыптыгы бар адамдар үчүн добуш берүүчү жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү боюнча кайрылуу жөнөтүү | Шайлоо күнүнө чейин 27 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 3-ноябрына чейин) | ОШК, УШК, Мыйзамдын 29-беренесинин 6-бөлүгү |
| **Эл аралык жана коомдук байкоочулар** | | | |
| 13 | Эл аралык уюмдарга жана чет мамлекеттердин шайлоо органдарына шайлоого байкоо жүргүзүүгө катышууга чакыруу жөнөтүү | КР Президентинин Жарлыгы расмий жарыялангандан кийин | Президент, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети,<br>БШК<br>Мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгү |
| 14 | КРнын Президенти, КРнын ЖКи, КРнын Министрлер Кабинети, БШК тарабынан жиберилген чакыруулардын негизинде байкоочуларды аккредитациялоо | Шайлоо дайындалгандыгы жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин | БШК Мыйзамдын 10-беренесинин 1-бөлүгү |
| 15 | Шайлоо комиссияларынын алдында коомдук байкоочуларды каттоонун шарттарын жана тартибин, каттоо жөнүндө документтин формасын белгилөө | Шайлоо дайындалгандан кийин | БШК Мыйзамдын 10-1-беренесинин 3-бөлүгү |
| 16 | Коомдук байкоочуларды каттоо | Коомдук байкоочуларды каттоо үчүн коммерциялык эмес уюмдар тарабынан тиешелүү документтерди бергенде | БШК Мыйзамдын 10-1-беренеси |
| **Шайлоочулардын тизмеси** | | | |
| 17 | Округдар, участоктор, боюнча түзүлгөн шайлоочулардын алдын ала тизмесин tizme.gov.kg мамлекеттик порталга жайгаштыруу | Добуш берүү күнүнө 53 календардык күнгө чейин (2025-жылдын 8-октябрына чейин) | Санариптик өнүктүрүү министрлиги,<br>БШК<br>Мыйзамдын 14-беренесинин 4-бөлүгү |
| 18 | Шайлоочулардын алдын ала тизмелерин участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү | Добуш берүү күнүнө 50 календардык күн калганда (2025-жылдын 11-октябрына чейин) | БШК,<br>ОШК, УШК<br>Мыйзамдын 14-беренесинин 7-бөлүгү |
| 19 | УШКларда шайлоочулардын алдын ала тизмесин шайлоочулардын таанышуусу үчүн илүү | Добуш берүү күнүнө 47 календардык күн калганда (2025-жылдын 14-октябрына чейин) | УШК Мыйзамдын 15-беренесинин 1-бөлүгү |
| 20 | Шайлоочулардын арыздарын (шайлоочу жөнүндө ката же так эместик аныкталган учурда) тактоо үчүн кабыл алуу | Добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен 2025-жылдын 8-октябрынан 19-ноябрына чейин (кошуп алганда) | УШК Мыйзамдын 15-беренесинин 2-бөлүгү |
| 21 | Шайлоочулардын таанышып чыгуусу үчүн УШКларда шайлоочулардын контролдук тизмесин илүү | Добуш берүүгө чейин 20 календардык күн калганда (2025-жылдын 10-ноябрына чейин) | УШК Мыйзамдын 15-беренесинин 4-бөлүгү |
| 22 | Шайлоочулардын электрондук түрдөгү биротоло тизмелерин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өткөрүп берүү | Добуш берүү күнүнө 7 календардык күн калганда (2025-жылдын 23-ноябрына чейин) | БШК, Санариптик өнүктүрүү министрлиги Мыйзамдын 15-беренесинин 5-бөлүгү |
| 23 | УШКларда шайлоочулардын биротоло тизмелеринин экинчи нускасын илүү | Добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 25-ноябрына чейин) | УШК Мыйзамдын 15-беренесинин 5-бөлүгү |

(Уландысы 21-бетте)

## 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын

# КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

(Башталышы 20-бетте)

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Аткаруу мөөнөттөрү | Аткарууга жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 24 | Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмелерин БШКнын расмий сайтына жарыялоо жана участкалык шайлоо комиссияларынын орун-жайларынын алдындагы такталарга илүү | Добуш берүү күнүнөн кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен<br>(2025-жылдын 6-декабрына чейин) | БШК,<br>ОШК,<br>УШК<br>Мыйзамдын 35-беренесинин 23-бөлүгү |
| **Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын окутуу** | | | |
| 25 | Саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, талапкерлер, ЖМК, укук коргоо органдары жана шайлоо процессинин башка катышуучулары үчүн окуу семинарларын өткөрүү | Шайлоо дайындалгандан кийин өзүнчө план боюнча | БШК |
| 26 | ОШК, УШК мүчөлөрү, АЭУ жана шайлоочуларды идентификациялоо операторлору үчүн тренингдерди өткөрүү | Шайлоо дайындалгандан кийин өзүнчө план боюнча | БШК |
| **Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо** | | | |
| 27 | Шайлоого катышууну каалаган саясий партиялардын шайлоого катышары тууралуу БШКга жазуу жүзүндө билдирме жиберүүлөрү | Шайлоо дайындалгандан кийин 3 календардык күндүн ичинде<br>(2025-жылдын 3-октябрына чейин (кошуп алганда) | Саясий партиялар<br>Мыйзамдын 60-беренесинин 4-бөлүгү |
| 28 | Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү | Шайлоо округдарынын тизмеси расмий жарыяланган күндөн тартып жана шайлоо күнүнө 30 календардык күн калганда, жергиликтүү убакыт саат 18:00гө чейин аяктайт<br>(2025-жылдын 30-октябрына чейин (кошкондо) | Саясий партиялар,<br>жарандар өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен<br>Мыйзамдын 60-беренесинин 1-бөлүгү,<br>60-1-беренесинин 1-бөлүгү |
| 29 | Талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо жана аларга каттоо ырастамаларын же каттоодон баш тартуу тууралуу жүйөлүү чечимин берүү | Керектүү документтер түшкөн күндөн тартып 2 календардык күндүн ичинде | БШК<br>Мыйзамдын 19-беренесинин 4-бөлүгү |
| 30 | Талапкердин жазуу жүзүндөгү арызынын же болбосо саясий партиянын сунуштамасынын жана ишенимдүү адам болууга макулдугу жөнүндө жарандын арызынын негизинде ишенимдүү адамдарды каттоо | Бардык талапкерлерди каттоонун акыркы мөөнөтү аяктагандан кийин, бирок добуш берүү күнүнө эки календардык күндөн кечиктирбестен жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин<br>(2025-жылдын 27-ноябрында) | БШК<br>Мыйзамдын 20-беренесинин 2-бөлүгү |
| 31 | Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкерди каттоо үчүн талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тиешелүү документтерди берүүсү | Шайлоо күнүнө чейин 27 календардык күн калганда аяктайт<br>(2025-жылдын 2-ноябры, саат 18:00гө чейин) | БШК<br>Мыйзамдын 61-беренесинин 1, 5-бөлүктөрү |
| 32 | Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлерди каттоо | Добуш берүү күнүнө чейин 20 календардык күн калганда<br>(2025-жылдын 10-ноябрына чейин) | БШК<br>Мыйзамдын 61-беренесинин 9-бөлүгү |
| 33 | Талапкер тарабынан өз алдынча же ыйгарым укуктуу адам аркылуу нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн түрдө, же болбосо саясий партия тарабынан талапкерлерди кайтарып алуу жана шайлоого мындан ары катышуудан баш тартуу тууралуу Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу түрүндө билдирүү берүүсү | Добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күндөн кечиктирбестен<br>(2025-жылдын 22-ноябрын кошуп алганда) | Саясий партиялар,<br>талапкер,<br>ыйгарым укуктуу адам<br>Мыйзамдын 61-беренесинин 13, 14-бөлүктөрү |
| **Шайлоо алдындагы үгүт** | | | |
| 34 | Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү | Бардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып, добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда аяктайт<br>(2025-жылдын 10-ноябрынан тартып 29-ноябрында саат 8:00гө чейин) | Талапкерлер,<br>Саясий партиялар,<br>Кыргыз Республикасынын жарандары<br>Мыйзамдын 23-беренесинин 1-бөлүгү |
| 35 | Кыргыз Республикасынын жарандарына, талапкерлерге, саясий партияларга үгүт иштерин жүргүзүү жана шайлоочулар менен жолугушуу укугун камсыздоо | Талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктагандан кийин (2025-жылдын 10-ноябрынан 29-ноябры саат 8:00гө чейин) | АШК, Кыргыз Республикасынын БШКсынын атайын өкүлдөрү, мамлекеттик органдар, ЖӨБО<br>Мыйзамдын 22-беренесинин 8, 9-бөлүктөрү |
| 36 | Ар бир шайлоо участогунун аймагында маалымат жана үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орундарды берүү | Шайлоо дайындалган күндөн тартып 7 календардык күндүн ичинде<br>(2025-жылдын 7-октябрына чейин) | ЖӨБО<br>Мыйзамдын 27-беренесинин 3-бөлүгү |
| **Шайлоону каржылоо** | | | |
| 37 | **Шайлоо фондун түзүү:**<br>Өз шайлоо фондун түзүү үчүн банк мекемесинде атайын эсеп ачууга арыз берүү; | Шайлоого катышуу жөнүндө БШКга/ОШКга жазуу жүзүндө билдирме берүү менен кошо | Талапкер,<br>Саясий партия<br>Мыйзамдын 41-беренесинин 5-бөлүгү,<br>"Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө" Жобонун (мындан ары - Жобо) 15-пункту |
| | банк мекемесинде атайын эсеп ачууга уруксат алуу | Атайын эсеп ачууга БШКдан/ОШКдан жазуу жүзүндө уруксат (маалымдама) алгандан кийин | Талапкер, Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл<br>Мыйзамдын 41-беренесинин 5-бөлүгү,<br>Жобонун 17-пункту |
| 38 | **Банк мекемесинде атайын эсеп ачуу:**<br>каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындабаган бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер тарабынан; | Аларды талапкер катары көрсөткөн учурдан тартып каттоо үчүн документтерди бергенге чейин | Талапкер,<br>Мыйзамдын 41-беренесинин 1, 5-бөлүктөрү |
| | каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындаган көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер тарабынан | Шайлоо комиссиясы тарабынан каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл катталгандан кийин | Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл<br>Мыйзамдын 19-беренесинин 41-беренесинин 1-бөлүгү |
| | талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар тарабынан | Шайлоо комиссиясы тарабынан каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл катталгандан кийин 3 календардык күндүн ичинде | Каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүл<br>Мыйзамдын 19-беренесинин 41-беренесинин 1-бөлүгү |

(Уландысы 22-бетте)

## 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чараларынын

# КАЛЕНДАРДЫК ПЛАНЫ

(Башталышы 21-бетте)

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Аткаруу мөөнөттөрү | Аткарууга жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 39 | Шайлоо төгүмүн төгүү:<br>- талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар үчүн - ар бир талапкер үчүн мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн үч миң эселенген өлчөмүнөн. | Шайлоо күнүнө чейин 27 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин<br>(2025-жылдын 2-ноябры, саат 18:00гө чейин) | Талапкерлер,<br>саясий партиялар,<br>Көзөмөлдөө-текшерүү тобу<br>Мыйзамдын 60-1-беренесинин 2-бөлүгү<br>61-беренесинин 1, 4, 5-бөлүктөрү |
| 40 | Талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттын келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө маалымат берүү | Жума сайын, ал эми КР БШКнын талабы боюнча – 24 сааттын ичинде | Банк же башка мекемелер, БШК<br>Мыйзамдын 41-беренесинин 12-бөлүгү |
| 41 | Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фонддорунун келип түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетторду БШКга тапшыруусу | Биринчи финансылык отчет - добуш берүү күнүнө чейин 7 күндөн кечиктирбестен<br>(2025-жылдын 22-ноябрына чейин (кошуп алганда)<br>Экинчи жыйынтыктоочу финансылык отчет - шайлоодон кийин 7 күндөн кечиктирбестен<br>(2025-жылдын 7-декабрына чейин (кошуп алганда) | Көзөмөлдөө-текшерүү тобу<br>Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын келип түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобосунун 58-пункту |
| 42 | Жеке жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр боюнча, ошондой эле атайын эсепте турган, чыгымдалбаган акча каражаттарын кайра кайтаруу боюнча бардык финансылык операцияларды токтотуу | Добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 3-декабрына чейин (кошуп алганда) | Көзөмөлдөө-текшерүү тобу<br>Мыйзамдын 41-беренесинин 14-бөлүгү |
| | **Шайлоо бюллетендери** | | |
| 43 | Шайлоо бюллетендеринин текстин бекитүү | Добуш берүү күнүнө чейин 17 календардык күндөн кечиктирбестен<br>(2025-жылдын 13-ноябрына чейин) | БШК<br>Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгү |
| | **Добуш берүү тартиби** | | |
| 44 | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө шайлоочулардан арыздарды кабыл алуу | Добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күндөн кечиктирбестен<br>(2025-жылдын 28-ноябрына чейин) | УШК<br>Мыйзамдын 33-беренесинин 2-бөлүгү |
| 45 | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүүнү уюштуруу жана өткөрүү | Добуш берүү күнүнө чейин 1 календардык күн калганда саат 8:00дөн 20:00гө чейин<br>(2025-жылдын 29-ноябры) | УШК<br>Мыйзамдын 33-беренесинин 2-бөлүгү |
| 46 | **Добуш берүүнү өткөрүү** | **2025-жылдын 30-ноябры<br>(саат 8:00дөн 20:00гө чейин)** | УШК<br>Мыйзамдын 31-беренесинин 1-бөлүгү |
| | **Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө** | | |
| 47 | Шайлоочулардын добуштарын саноо | Добуш берүү аяктагандан кийин дароо башталат жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилегенге чейин тынымсыз жүргүзүлөт. | УШК<br>Мыйзамдын 35-беренесинин 3-1-бөлүгү |
| 48 | Юридикалык мааниге ээ болбогон, алдын ала маалымат болуп саналган ар бир шайлоо участкасы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын БШК расмий сайтына жайгаштыруу | Келип түшкөнүнө жараша | БШК<br>Мыйзамдын 37-1-беренесинин 1-бөлүгү |
| 49 | Ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу | Добуш берүү күнүнөн тартып 12 календардык күндөн кечиктирбестен<br>(2025-жылдын 13-декабрына чейин) | БШК,<br>ОШК,<br>УШК<br>Мыйзамдын 37-1-беренесинин 2-бөлүгү, 23-бөлүгү |
| 50 | Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө округдук шайлоо комиссияларынын протоколдорун БШКнын расмий сайтына жайгаштыруу | Добуш берүү күнүнөн тартып 13 календардык күндөн кечиктирбестен<br>(2025-жылдын 14-декабрына чейин) | БШК,<br>ОШК,<br>Мыйзамдын 37-1-беренесинин 4-бөлүгү |
| 51 | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктоо | Добуш берүү күнүнөн тартып 13 календардык күндөн кечиктирбестен (2025-жылдын 14-декабрына чейин) | БШК<br>Мыйзамдын 37-беренесинин 1-бөлүгү |
| 52 | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыялоо | Шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып эки жуманын ичинде | БШК<br>Мыйзамдын 64-беренесинин 8-бөлүгү |

*** конституциялык Мыйзамдын 59-беренесине ылайык, шайлоо аракеттеринин мөөнөттөрү үчтөн бирине кыскарат.**

## ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ЧҮЙ РАЙОНУНДАГЫ ЖАНА ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУНДАГЫ АЙРЫМ ШАЙЛОО УЧАСТКАЛАРЫНЫН ДАРЕКТЕРИН ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-1-беренесин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Чүй облусунун Чүй районуна караштуу Шамшы айылындагы №7042 шайлоо участогунун дареги К. Чолжиев, 22 көчөсүндө жайгашкан айыл өкмөттүн имаратынан Шамшы айылынын Школьная, 1 көчөсүндө жайгашкан Рысменди уулу Акмат атындагы орто мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

**2.** Чүй облусунун Чүй районуна караштуу Маданият айылындагы №7083 шайлоо участогунун дареги Б. Маленов, 14 көчөсүндө жайгашкан мектептин имаратынан Маданият айылынын Мукаш-Ата, 22 көчөсүндөгү айылдык клубунун имаратына өзгөртүлсүн.

**3.** Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна караштуу Оргочор айыл аймагынын Светлая Поляна айылындагы №3182 шайлоо участогунун дареги Манас, 95 көчөсүндө жайгашкан административдик имаратынан Светлая Поляна айылынын К. Мырзаканов, 21 көчөсүндөгү А.Алыбаков атындагы мектептин имаратына өзгөртүлсүн.

**4**. Чүй аймактык шайлоо комиссиясы Онбир-Жылга айыл өкмөтү менен биргеликте жана Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясы Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтү менен биргеликте шайлоочулардын арасында шайлоо участкалардын даректери өзгөртүлгөндүгү тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

**5.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жунуевага жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 30-сентябры, №85***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ АК-ТАЛАА, ЖАЙЫЛ, СҮЛҮКТҮ, КАРА-КУЛЖА ЖАНА СУЗАК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

1) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергендигине байланыштуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери:

– Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 23-сентябрындагы №5, Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ала-Буга айылдык кеңеши боюнча;

– Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 24-сентябрындагы №19, Чүй облусунун Жайыл районунун Ынтымак айылдык кеңеши боюнча;

– Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 25-сентябрындагы №2, Баткен облусунун Сүлүктү шаардык кеңеши боюнча;

– Кара-Кулжа аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 22-сентябрындагы №10, Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Ой-Тал айылдык кеңеши боюнча;

– Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 25-сентябрындагы №12, Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Сузак айылдык кеңеши боюнча.

2)."Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, бош калган мандаттарды тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери:

– Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 23-сентябрындагы №5, Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ала-Буга айылдык кеңеши боюнча;

– Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 24-сентябрындагы №20, Чүй облусунун Жайыл районунун Ынтымак айылдык кеңеши боюнча;

– Кара-Кулжа аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 22-сентябрындагы №11, Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Ой-Тал айылдык кеңеши боюнча;

– Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 25-сентябрындагы №13, Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Сузак айылдык кеңеши боюнча.

3) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун жана 1-1 бөлүгүнүн негизинде, Баткен облусунун Сүлүктү шаардык кеңеши боюнча бош калган мандатты саясий партиянын тизмесинде шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 25-сентябрындагы №2 чечими.

Аймактык шайлоо комиссияларынын кабыл алынган чечимдери "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин талаптарына ылайык келет.

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, "Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет".

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Ак-Талаа, Жайыл, Сүлүктү, Кара-Кулжа жана Сузак аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештеринин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык;

– Ак-Талаа, Жайыл, Сүлүктү, Кара-Кулжа жана Сузак аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарын тизмеде катталган талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, анык эмес деп таанылсын.

**3.** Ак-Талаа, Жайыл, Сүлүктү, Кара-Кулжа жана Сузак аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 2-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**4.** Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 30-сентябры, №84***

*Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2025-жылдын 30-сентябрындагы
№84 токтомуна 1-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф. А. А. |
|---|---|---|---|
| **НАРЫН ОБЛУСУ** | | | |
| **Ак-Талаа району** | | | |
| 1. | Ак-Талаа АШК, №5, 23.09.2025-ж. (09.09.2025-ж., өз арызы) | Ала-Буга айылдык (№2 Мейманов шайлоо округу) | Туташов Улан Таалайбекович |
| 2. | Ак-Талаа АШК, №5, 23.09.2025-ж. (16.09.2025-ж., өз арызы) | Ала-Буга айылдык (№4 Конорчок шайлоо округу) | Аманбек уулу Улукбек |
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | |
| **Жайыл району** | | | |
| 3. | Жайыл АШК, №19, 24.09.2025-ж. (16.09.2025-ж., өз арызы) | Ынтымак айылдык (№1 шайлоо округу) | Акматалиева Нуриза Кенжебековна |
| **БАТКЕН ОБЛУСУ** | | | |
| **Сүлүктү шаары** | | | |
| 4. | Сүлүктү АШК, №2, 25.09.2025-ж. (09.09.2025-ж., өз арызы) | Сүлүктү шаардык | Акимбеков Замирбек Кутбидинович (1) "Ыйман Нуру" депутаттык фракциясы |
| **ОШ ОБЛУСУ** | | | |
| **Кара-Кулжа району** | | | |
| 5. | Кара-Кулжа АШК, №10, 22.09.2025-ж. (18.09.2025-ж., өз арызы) | Ой-Тал айылдык (№1 Терек-Суу шайлоо округу) | Шайлообаев Нурдөөлөт Мукамбетович |
| 6. | Кара-Кулжа АШК, №10, 22.09.2025-ж. (18.09.2025-ж., өз арызы) | Ой-Тал айылдык (№5 Ой-Тал шайлоо округу) | Сүйүнали кызы Нурпери |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | |
| **Сузак району** | | | |
| 7. | Сузак АШК, №12, 25.09.2025-ж. (17.09.2025-ж., өз арызы) | Сузак айылдык (№5 Манас шайлоо округу) | Абдувахапова Наргизахон Зайнабидиновна |

*Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча
борбордук комиссиясынын
2025-жылдын 30-сентябрындагы
№84 токтомуна 2-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф. А. А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|---|
| **НАРЫН ОБЛУСУ** | | | | |
| **Ак-Талаа району** | | | | |
| 1. | Ак-Талаа АШК, №5, 23.09.2025-ж. (19.09.2025-ж., өз арызы) | Ала-Буга айылдык (№2 Мейманов шайлоо округу) | Камбаров Самат Сатымкулович | Э. Мейманов атындагы орто мектебинде мугалим |
| 2. | Ак-Талаа АШК, №5, 23.09.2025-ж. (22.09.2025-ж., өз арызы) | Ала-Буга айылдык (№4 Конорчок шайлоо округу) | Мураталиев Азамат Шаршенбекович | Убактылуу иштебейт |
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Жайыл району** | | | | |
| 3. | Жайыл АШК, №20, 24.09.2025-ж. (22.09.2025-ж., өз арызы) | Ынтымак айылдык (№1 шайлоо округу) | Осмонова Эркингул Бектемировна | А.Бердибаев атындагы орто мектебинин директору |
| **БАТКЕН ОБЛУСУ** | | | | |
| **Сүлүктү шаары** | | | | |
| 4. | Сүлүктү АШК, №2, 25.09.2025-ж. (24.09.2025-ж., өз арызы) | Сүлүктү шаардык | Базарбаев Эрмамат Азиратkулович (7) "Ыйман Нуру" саясий партиясы | Убактылуу иштебейт |
| **ОШ ОБЛУСУ** | | | | |
| **Кара-Кулжа району** | | | | |
| 5. | Кара-Кулжа АШК, №11, 22.09.2025-ж. (19.09.2025-ж., өз арызы) | Ой-Тал айылдык (№1 Терек-Суу шайлоо округу) | Пазылов Төлөнбай Пазылович | Жеке ишкер |
| 6. | Кара-Кулжа АШК, №11, 22.09.2025-ж. (22.09.2025-ж., өз арызы) | Ой-Тал айылдык (№5 Ой-Тал шайлоо округу) | Өмөрбек уулу Жылдызбек | Жеке ишкер |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | | |
| **Сузак району** | | | | |
| 7. | Сузак АШК, №13, 25.09.2025-ж. (23.09.2025-ж., өз арызы) | Сузак айылдык (№5 Манас шайлоо округу) | Умурзакова Фарида Хакимовна | "Пари" коомдук фондунун негиздөөчүсү |

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## БИШКЕК ЖАНА МОСКВА АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН РЕЗЕРВДЕРИН ТОЛУКТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого, аймактык шайлоо комиссияларынын резервине келип түшкен документтерди кароо боюнча жумушчу топтун 2025-жылдын 30-сентябрындагы №3 чечимин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

